Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума, 2026-жылдын 10-апрели

№27 (3787)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

## ЖЫЙЫН ОНЛАЙН ФОРМАТТА ӨТТҮ



***Жогорку Кеңештин Финансы, бюджет, ишкердик жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча комитетинин 7-апрелдеги жыйынына чакырылгандар үчүн жакшы мүмкүнчүлүк түзүлүп, талкууга онлайн форматта катышышты.***

Пилоттук негизде жасалып жаткан мындай кадам Төрага Марлен Маматалиевдин демилгеси менен башталган парламентти санариптештирүү саясатынын алкагында ишке ашырылды. Андыктан жыйынга Төрага да катышып, буга чейин жалпы жыйындар гана санариптешкен болсо, эми тармактык комитеттердин отуруму да онлайн форматка өткөрүлөрүн билдирди.

## 63 АТАЙЫН ТЕХНИКА ТАПШЫРЫЛДЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев 8-апрелде Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине 63 даана атайын техниканын ачкычтарын тапшырды.***

Белгилей кетсек, өлкө жетекчилиги акыркы жылдары ирригацияга өзгөчө көңүл буруп, мамлекеттик колдоону ар тараптан жогорулатып келе жатат. Ачкычтары тапшырылган 40 даана техника мамлекеттик бюджеттин эсебинен алынып, ага 128 млн сом жумшалган. Ал эми калган 23 даана техника – эл аралык институттардын колдоосу менен алынган. Атайын техникалар Айыл чарба министрлигинин райондук суу чарба башкармалыктарына бериле турган болду.

МинКаб Төрагасы Адылбек Касымалиев Президенттин жана жалпы Министрлер Кабинетинин атынан тармактын жаңы техникалуу болушу менен куттуктап, “2021–2025-жылдар аралыгында республикалык бюджеттен Суу ресурстары кызматына 21,4 млрд сом бөлүндү. Бул каражаттар ирригациялык объектилерди тейлөөнү, каналдарды оңдоп-түзөөнү жана суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылууга багытталган. Ошондой эле акыркы 5 жылда 270 жаңы техника алынды. Суу чарба кызматында тажрыйбалуу кадрлар бар деп билем. Мамлекет сиздердин ишти жакшыртуу үчүн материалдык-техникалык жактан камсыздоону жогорулатууну улантат”, - деди.



## “КЫРГЫЗАЛТЫН” РЕКОРДДУК КӨРСӨТКҮЧТӨРГӨ ЖЕТИШТИ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев “Кыргызалтын” ААКнын ишмердүүлүгү менен таанышып, компаниянын өндүрүшү жана финансылык көрсөткүчтөрү менен жеринде таанышты. Ал ошондой эле алтын куймаларын саткан фирмалык дүкөндүн ишин көрүп, акыркы жылдары бул багытта суроо-талап кыйла өскөнүн белгиледи. Маалыматка ылайык, дүкөндүн жылдык кирешеси 855 млн сомдон ашкан.***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы жетишилген ийгиликтердин башында Президент Садыр Жапаровдун бекем саясий эрки турганын өзгөчө белгиледи.

Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен 2024-жылы ишке кирген алтын куймаларын чыгаруучу завод кыска убакытта жогорку натыйжа көрсөтүп, ага жумшалган 320 млн сом инвестиция толугу менен акталган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча “Кыргызалтын” рекорддук көрсөткүчтөргө жетишип, таза пайдасы 18,7 млрд сомду, жалпы кирешеси 20,7 млрд сомду түзгөн. Компания алдыдагы үч жыл ичинде жалпы көлөмү 1 млрд доллардан ашкан ири долбоорлорду ишке ашырууну пландап, бир катар алтын кендерин өздөштүрүүгө ниеттенүүдө. Мындан тышкары, “Кумтөр” кенинин калдыктарын кайра иштетүү иштери да активдүү жүрүүдө.

Жыйында Касымалиев өлкөнүн тоо-кен тармагындагы саясаты тууралуу айтып, бул тармак экономиканын негизги кыймылдаткычтарынын бири болуп жатканын баса белгиледи. “Кумтөрдүн өнөр жайдагы үлүшү боюнча акыркы эле маалыматты айтайын. 2026-жылдын февраль айында ИДП өсүшү 8,8%ды түздү. Анын ичинде өнөр жайында 18,7% өсүш катталды же 147,8 млрд сомдук дүң продукция өндүрүлдү, “Кумтөрдү” кошпогондо – 88,2 млрд сомду түздү. Эми – бул санды алып таштаганда өнөр жай тармагында “Кумтөрдүн” үлүшү 59,6 млрд сомду же февраль айындагы ИДПнын 22,6%ын “Кумтөр” түзүп жатат. Тиешелүү түрдө “Кумтөр” – “Кыргызалтындын” акыркы 5 жылдагы өсүп бараткан ишине да түздөн-түз таасирин тийгизип жатат”, - деди Төрага.

Ошондой эле 2025-жылы тоо-кен тармагы мамлекеттик бюджетке 65,4 млрд сом киреше алып келип, алтындын дүйнөлүк баасынын өсүшү да тармакка оң таасирин тийгизгени айтылды.

**"Эркин-Тоо" пресс**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

Медер ЧОТОНОВ,
ЖКнын депутаты:



# “БААТЫР ЭНЕЛЕРДИН БАЛДАРЫНА КАМКОРДУК – КЕЛЕЧЕККЕ САЛЫНГАН ИНВЕСТИЦИЯ”

***Жогорку Кеңештин Финансы, бюджет, ишкердик жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча комитетинин жыйынында «Кыргыз Республикасынын «Баатыр эне» ордени менен сыйланган энелердин балдарына мамлекеттик билим берүүдөгү жеңилдиктерди берүү жөнүндө» Жогорку Кеңештин токтомунун долбоору сунушталды.***

***Бул мыйзам долбоорунун коомго тийгизе турган таасири, 50%дык окуу акы жеңилдиги, анын максаты, каржылоо тартиби тууралуу демилгечи депутаттардын бири Медер Чотонов менен маек курдук.***

**– Медер мырза, Жогорку Кеңештин комитетинин жыйынында «Баатыр эне» ордени менен сыйланган энелердин балдарына билим берүү тармагында жеңилдик берүү тууралуу токтом долбоорун сунуштадыңыздар. Бул демилгеден кандай социалдык өзгөрүүлөрдү күтүп жатасыздар?**

– Ооба, билим берүү – мамлекеттик саясаттын эң башкы жана стратегиялык багыттарынын бири. Биз сунуштап жаткан токтом долбоорунун негизги максаты – “Баатыр эне” ордени менен сыйланган энелердин балдарына жогорку окуу жайларда, менчик түрүнө же ведомстволук таандыктыгына карабастан, контракттык окуу акысын төлөөдө 50%дык жеңилдик берүү. Белгилеп кетүүчү жагдай, “Баатыр эне” ордени менен сыйланган энелер – өлкөнүн демографиялык өсүшүнө, жаңы муунду тарбиялоого жана адам капиталын калыптандырууга эбегейсиз салым кошкон инсандар. Көп баланы жарык дүйнөгө алып келип, аларды тарбиялоо – бул чоң эмгек, чыдамкайлык жана материалдык ресурстарды талап кылган жоопкерчиликтүү миссия. Мындай шарттар аялдардын билим алуусуна, кесиптик өсүшүнө жана туруктуу киреше табуусуна объективдүү түрдө тоскоолдук жаратып келет.

Ошондуктан, “Баатыр энелердин” балдарына билим берүүдө жеңилдик берүү – бул алардын коом жана мамлекет алдындагы эмгегин таануу менен бирге, мамлекеттик колдоонун логикалык уландысы болуп эсептелет.

**– Бул жеңилдиктер узак мөөнөттүү демографиялык саясатка кандай таасир берет деп ойлойсуз?**

– Албетте, бул демилге демографиялык өсүшкө оң таасирин тийгизет. Акыркы жылдары айрым аймактарда, айрыкча өлкөнүн түндүгүндө, төрөлүү көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшү байкалууда. Мындай тенденциянын алдын алуу үчүн азыртан тартып комплекстүү чараларды көрүү зарыл деп ойлойм.

Көп балалуу үй-бүлөлөрдү колдоо, алардын балдарына сапаттуу билим алууга шарт түзүү, келечекте иш менен камсыз кылуу жалпы мамлекеттик саясаттын ажырагыс бөлүгү болушу керек.

**– Финансы министрлигинин бюджеттик тобокелдиктер тууралуу эскертүүсүн эске алганда, бул долбоорду туруктуу каржылоо механизми кандай болушу керек?**

– Долбоор тиешелүү комитеттерде кеңири каралып, бардык министрликтердин сунуш-пикирлери эске алынды. Финансы министрлиги бул демилгени Баатыр энелердин балдарын гранттык негизде окуган студенттердин катарына кошуу аркылуу ишке ашырууну сунуштап жатат.

Учурда токтом долбоору бир нече комитеттерде каралып, колдоо тапты. Ал эми алдыда дагы тиешелүү комитеттерде талкууланып, андан соң жалпы жыйынга сунушталат.

**– Эгер гранттык каражаттар жетишсиз болуп калса, альтернативдүү булактар каралганбы?**

– Токтом кабыл алынса, 2026–2027-окуу жылынан тартып бардык курстардагы студенттерге 50%дык жеңилдик каралат. Бирок, бул жеңилдик биринчи жогорку билим алып жаткан студенттерге гана тиешелүү болот. Ал эми магистратурада же болбосо экинчи жолу бакалаврдык негизде билим алып жаткан Баатыр эненин балдарына жеңилдиктер каралган эмес.

Учурда өлкө боюнча 569 студент Баатыр энелердин балдары катары жогорку окуу жайларда билим алууда. Жыл сайын бөлүнгөн 10 миң гранттык орунду эске алганда, бул чоң финансылык жүк жаратпайт деп ойлойбуз.

**– Жеңилдиктерди берүүдө кандай критерийлер жана көзөмөл механизмдери иштелип чыгат?**

– Бул маселе боюнча Министрлер Кабинетине атайын тапшырма берилген. Алар тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгып, так критерийлерди жана көзөмөл механизмдерин аныкташат.

**– Сиздер сунуштап жаткан 50%дык төлөмдүн жеңилдиги түздөн-түз студентке берилеби же окуу жайлар аркылуу жөнгө салынабы?**

– Жогоруда белгиленгендей, 50%дык төлөмдүн жеңилдиги Баатыр энелердин балдарын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алууну колдоо максатында каралган. Бул жеңилдик атайын тизмеге кирген студенттерге тиешелүү болуп, аларга берилүүчү гранттык колдоонун бир бөлүгү катары эсептелет. Ошондуктан, каралган акча каражаттары түздөн-түз студенттерге же Баатыр энелерге берилбейт. Тескерисинче, бул процесс Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги тарабынан борборлоштурулган тартипте жөнгө салынып, тиешелүү окуу жайлар аркылуу ишке ашырылат.

Кудай буйруса, бул демилгебиз – социалдык адилеттүүлүктү камсыздоого, билимге жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө жана келечек муунга инвестиция салууга багытталган маанилүү кадам болот деп ойлойм.

**Күнболот МОМОКОНОВ**

## АДМИНИСТРАТИВДИК МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ОРУНДАРЫН ЭЭЛӨӨНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө маселелерин андан ары регламенттөө максатында, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

– административдик мамлекеттик жана административдик муниципалдык кызмат орундарынын категориясы болуп мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар ээлеген, кызматтык ыйгарым укуктардын көлөмүн жана мүнөзүн чагылдырган административдик кызмат орундарынын жыйындысынын классификациялык мүнөздөмөсү саналат. Административдик кызмат орундарынын жогорку, башкы, улук, кенже топтору Ж–А, Ж–Б, Б–А, Б–Б, У–А, У–Б, К–А, К–Б категорияларына бөлүнөт;

– ушул Жарлыкты ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт;

– айрым административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте дайындоо дайындалуучу адам мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген квалификациялык жана башка талаптарга шайкеш келген шартта жүзөгө ашырылат;

– министрликтердин борбордук аппараттарындагы бош административдик мамлекеттик кызмат орундарын өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте министрликтин борбордук аппаратынын белгиленген штаттык санынын он пайызынан ашпаган өлчөмдө ээлөө министрликтин тиешелүү иш чөйрөсүндө реформаларды иштеп чыгууну жана натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу максатында жүзөгө ашырылат.»;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

– I бөлүмдүн 1-главасында:

он биринчи абзац «Жогорку Кеңештин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү» деген сөздөрдөн кийин «, Жогорку Кеңештин Төрагасынын басма сөз-катчысы» деген сөздөр менен толуктalсын;

он бешинчи абзац «Жогорку Кеңештин Аппаратынын консультанты» деген сөздөрдөн кийин «, Жогорку Кеңештин Төрагасынын спичрайтери» деген сөздөр менен толукталсын;

– II бөлүмдүн 4-главасында:

1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппараты

| Категориялар | Жогорку Кеңештин Аппараты |
|---|---|
| | Башкы кызмат орду |
| Б–А | Фракциянын (депутаттык топтун) катчылыгынын башчысы (*) |
| Б–Б | Фракциянын (депутаттык топтун) катчылыгынын эксперти (*) |
| | Улук кызмат орду |
| У–А | Фракциянын (депутаттык топтун) катчылыгынын улук консультанты (*)<br>Фракциянын (депутаттык топтун) катчылыгынын консультанты (*) Башкы адис (*) |

»;

6-пункттун «Башкы кызмат орду» тобунда:

«Б–А» категориясынын «Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин аймактык органдары» графасынын үчүнчү абзацындагы «(*****)» белгиси алып салынсын;

«Б–Б» категориясынын «Министрликтер, мамлекеттик комитеттер» графасынын төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Өзгөчө тапшырмалар боюнча министрдин ыйгарым укуктуу өкүлү (****)»;

9-пункттун «Улук кызмат орду» тобунун «У–А» категориясынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар» графасынын экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

10-пункттун «Улук кызмат орду» тобунун «У–А» категориясынын «Укук коргоо органдары» графасынын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл (*****)»;

1–4-главаларга эскертүү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1–4-главаларга эскертүү:

«Жетекчи», «жетекчинин орун басары» деген аталыштар тиешелүү мамлекеттик органдын жетекчисинин кызмат ордунун унификацияланган аталыштары болуп саналат. Бул эреже мамлекеттик органдын өзүнүн тиешелүү бөлүмдөрүнө (түзүмдүк, аймактык ж.б.) да жайылтылат.

Мамлекеттик органдын/мамлекеттик органдын бөлүмүнүн жетекчисинин орун басарынын кызмат орду мамлекеттик органдын/мамлекеттик органдын бөлүмүнүн жетекчисинин биринчи орун басарынын кызмат ордун камтыйт.

Башчынын кызмат орду ошондой эле начальниктин кызмат ордун, жетекчинин кызмат орду – директордун/башчынын/ начальниктин кызмат ордун билдирет.

(*) – өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте дайындалуучу административдик мамлекеттик кызмат орундары.

Ошол эле учурда:

министрликтердин борбордук аппараттарында мамлекеттик жарандык кызматтын бош кызмат орундарын өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте министрликтин борбордук аппаратынын белгиленген штаттык санынын он пайызынан ашпаган өлчөмдө ээлөөгө жол берилет. Өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте дайындалуучу административдик мамлекеттик кызмат орундарынын тизмеги тиешелүү министр тарабынан мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча ушул Реестрдин II бөлүмүнүн 4-главасынын 6-пунктунда каралган өзгөчө «конкурстан тышкары» тартипте дайындалуучу кызмат орундарын эске алуу менен жылына бир жолудан көп эмес бекитилет;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинде бардык бош административдик мамлекеттик кызмат орундарына өзгөчө (конкурстан тышкары) тартипте дайындоо жүзөгө ашырылат;

(**) – административдик мамлекеттик кызмат орду Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын маалыматтык саясат маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмү менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдардын ведомстволук бөлүмдөрүндө каралышы мүмкүн;

(***) – административдик мамлекеттик кызмат орду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө тиешелүү чечим кабыл алынганга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында пилоттук негизде киргизилет;

(****) – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин борбордук аппараттарындагы административдик мамлекеттик кызмат орду;

(*****) – Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасындагы административдик мамлекеттик кызмат орду.».

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 30-январындагы №15 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин административдик мамлекеттик жарандык кызмат орундарына өзгөчө тартипте (конкурстан тышкары) кабыл алуунун эрежелерин бекитүү жөнүндө» Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 9-апрели, №139***

МААНИЛҮҮ МАЕК

**Бактыгул АБДЫЖАЛИЕВ, Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун төрагасынын орун басары:**

# «КАМСЫЗДАНДЫРУУ АДАМДАРДЫ ТУРМУШТА КЕЗДЕШКЕН КЕСЕПЕТТЕРДЕН ДАГЫ КОРГОШУ КЕРЕК»

***Кыргызстанда камсыздандыруу системасы бар болгону менен көпчүлүк жарандар анын зарылдыгын толук түшүнө бербейт. Айрымдар кырсыкка кабылган учурда гана камсыздандыруу бул каржылык коопсуздуктун жана коргонуу механизминин маанилүү бөлүгү экенин аңдашууда. Учурда унаа камсыздандыруусу бир кыйла популярдуу болгону менен өмүр, саламаттык жана мүлк камсыздандыруусу кеңири жайыла элек. Камсыздандыруу тармагындагы мамлекеттик жана жеке компаниялардын айырмасы эмнеде, бул тармакта жарандарды кызыктырган негизги суроолор кантип чечилип жатат? Ушул жана башка маселелер тууралуу Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун төрагасынын орун басары Абдыжалиев Бактыгул Рысбекович менен маектештик.***



**- Бактыгул Рысбекович, Кыргызстанда камсыздандыруу системасы бар болгону менен, көпчүлүк жарандар аны эмнегедир анча колдоно албай жатышат. Бул элдин ишенбестигиненби же камсыздандыруу компанияларынын ишинде ачык-айкындык жетишпей жатабы?**

- Бул жерде бир эле себепти айтууга болбойт. Биринчиден, камсыздандыруу маданияты Кыргызстанда башка өлкөлөргө салыштырмалуу жаңы калыптанып келе жатат. Совет мезгилинен кийин бул тармак жетиштүү деңгээлде өнүкпөй калгандыктан, жарандардын бир бөлүгү камсыздандыруунун маанисин толук түшүнө бербейт. Экинчиден, акыркы жылдары камсыздандыруу рыногунда ачык-айкындуулукту жогорулатуу боюнча олуттуу иштер жүргүзүлүүдө. Мамлекеттик жөнгө салуу механизми да акырындап күчтөнүүдө. Бүгүнкү күндө камсыздандыруу компаниялары лицензиялоо, отчеттуулук жана финансылык туруктуулук боюнча катуу талаптардын негизинде иш алып барышат. Ошол эле учурда калк арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүү зарыл. Адамдар камсыздандырууну кошумча чыгым катары эмес, каржылык коопсуздуктун маанилүү куралы катары кабыл алышы керек. Биздин негизги максат – дал ушул түшүнүктү коомдо кеңири жайылтуу.

**- Жогорку Кеңеш биринчи окууда 5 баллдан жогору жер титирөөлөрдө төлөмдөрдү караган атайын камсыздандыруу пулун түзүү боюнча мыйзам долбоорун кабыл алды. Эмне үчүн дал ушундай чек (порог) белгиленди жана бул пул жарандарга өрттөн же табигый кырсыктардан жабыркаганда жардам берүү системасын кандай өзгөртөт?**

- Бул – турак жайды милдеттүү камсыздандыруу системасындагы эң маанилүү жаңычылдыктардын бири. Ал акыркы жылдардагы практикалык тажрыйбага жана биздин негизги максатка, жарандардын мүлкүн чындап коргоого негизделген. Бул жерде эки негизги чечим каралган: биринчиси - жер титирөө же башка табигый кырсыктар болгон учурда камсыздандыруу окуясынын чегин 5 баллга чейин төмөндөтүү; экинчиси - атайын камсыздандыруу пулун түзүү.

**- Чектин 1 баллга төмөндөгөндүн өзү элге жеңилдик десек болобу?**

- Мурда камсыздандыруу окуясы катары 6 баллдан жогору жер титирөөлөр гана эсептелчү. Бирок сейсмикалык активдүүлүктүн анализи көрсөткөндөй, Кыргызстандын шартында мындай чек жогору болуп калган. Биздин өлкө жогорку сейсмикалык активдүүлүк зонасында жайгашкан.Ошондуктан 5 баллга жакын жер титирөөлөр жетишерлик тез-тез болуп турат. Мындай күчтөгү жер титирөөлөрдө да көптөгөн үйлөр жабыркайт. Дубалдарда жаракалар пайда болот, ички жана сырткы жасалгалар урайт, чатырлар жабыркайт, морлор бузулат. Айрыкча мындай зыяндар айыл жерлеринде жана эски үйлөрдө көп кездешет. Бирок мурда мындай учурлар расмий түрдө камсыздандыруу окуясы катары таанылбагандыктан жарандар компенсациясыз калышчу. Дал ушул себептен камсыздандыруу окуясынын чегин 5 баллга чейин төмөндөтүү чечими кабыл алынды. Негизи биз төмөнкү принципти карманабыз: «Камсыздандыруу адамдарды ири кырсыктардан гана эмес, күнүмдүк турмушта кездешкен табигый көрүнүштөрдүн реалдуу кесепеттеринен да коргошу керек».

**- Камсыздандыруунун төлөмү боюнча да окурмандарга маалымат берсеңиз. Кокус масштабдуу кырсык болуп кетсе, камсыздандырган компаниялар зыянды ыкчам компенсациялай алабы?**

- Табигый кырсыктардын дагы бир өзгөчөлүгү - алар массалык зыян алып келиши мүмкүн. Мисалы, күчтүү жер титирөө же ири суу ташкыны болгондо бир эле учурда миңдеген үйлөр жабыркашы ыктымал. Мындай учурларда камсыздандыруу системасына дароо эле чоң финансылык жүк түшөт. Дал ушундай жагдайлар үчүн камсыздандыруу төлөмү түзүлөт. Бул - ири масштабдагы табигый кырсыктардан келген зыянды жабууга багытталган бириктирилген финансылык резерв. Жөнөкөй тил менен айтканда, камсыздандыруу төлөмү – бул жарандар үчүн улуттук деңгээлдеги финансылык “коопсуздук жаздыгы”. Бул жарандар үчүн эң маанилүү нерсени билдирет, табигый кырсыктын масштабы кандай болбосун, камсыздандыруу төлөмдөрү сөзсүз жүргүзүлөт деген ишеним. Миңдеген үйлөр жабыркаган учурда да система жетиштүү финансылык ресурстарга ээ болуп, зыянды ыкчам компенсациялай алат.

**- Айрым айдоочулар КАСКО же башка камсыздандырууну төлөгөнүнө карабай, кырсык болгондо акчасын толук ала албай калган учурлар айтылып келет. Бул системанын алсыздыгыбы же келишим шарттарын туура түшүнбөгөндүктөнбү?**

- Мындай учурлар көбүнчө камсыздандыруу келишиминин шарттарын толук түшүнбөгөндүктөн келип чыгат. Камсыздандыруу - бул юридикалык келишим, анда тараптардын укуктары жана милдеттери так көрсөтүлөт. Мисалы, айрым камсыздандыруу продуктуларында франшиза каралышы мүмкүн же төлөм белгилүү шарттарда гана жүргүзүлөт. Эгер кардар бул талаптар менен алдын ала толук таанышпаса, кийин түшүнбөстүктөр жаралышы мүмкүн. Ошондуктан бул жерде эки тараптын тең жоопкерчилиги бар. Камсыздандыруу компаниялары келишим шарттарын ачык жана түшүнүктүү кылып түшүндүрүүгө милдеттүү. Ал эми кардар келишимге кол коюудан мурда аны кылдат окуп чыгышы керек. Жалпысынан алганда, акыркы жылдары камсыздандыруу рыногунда төлөмдөрдүн көлөмү да, ачык-айкындуулук да өсүүдө. Бул тармактын акырындап жетилип жатканын көрсөтөт.

**- Айтмакчы, көпчүлүк жарандар ОСАГО менен КАСКОнун айырмасын так билбейт. Бул маалыматтын жетишсиздигиненби же системанын өзү татаалбы? КАСКОнун ОСАГОдон кандай артыкчылыгы бар?**

- Бул жерде негизинен маалыматтын жетишсиздиги чоң роль ойнойт. Чындыгында бул эки камсыздандыруунун түрү бири-бирин толуктап турат, бирок алардын максаты ар башка. ОСАГО – милдеттүү камсыздандыруу болуп саналат жана ал жол кырсыгы болгон учурда үчүнчү жакка келтирилген зыянды жабууга багытталган. Башкача айтканда, айдоочу күнөөлүү болсо, жабыркаган тарапка төлөм ушул камсыздандыруу аркылуу жүргүзүлөт.

КАСКО болсо ыктыярдуу камсыздандыруу болуп, ал унаа ээсинин өз мүлкүн коргоого багытталган. Ал жол кырсыгы, уурдоо, табигый кырсыктар жана башка күтүүсүз жагдайлардан келип чыккан зыяндарды жабат.

КАСКОнун негизги артыкчылыгы – тобокелдиктердин кеңири спектрин камтыйт. Ошондуктан ОСАГО менен КАСКОнун айкалышы айдоочунун эң толук камсыздандыруу коргоосун камсыз кылат.

**- Менчик камсыздандыруу компаниялары көбөйгөнү рынок үчүн жакшы көрүнүш. Бирок алардын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик көзөмөл жетиштүүбү? Мамлекеттик жана жеке камсыздандыруу компанияларынын ортосунда кандай негизги айырмачылык бар? Эл кимисине ыктаса утулбайт?**

- Камсыздандыруу рыногунда мамлекеттик жана жеке компаниялардын болушу - дүйнөлүк практикада кеңири колдонулган жана натыйжалуу модель. Бул атаандаштык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга жана рыноктун өнүгүшүнө шарт түзөт. Кыргызстанда камсыздандыруу компанияларынын ишмердүүлүгү мамлекет тарабынан жөнгө салынат. Алар лицензиялык талаптарды сактоого, финансылык резервдерди түзүүгө жана отчеттуулукту камсыздоого милдеттүү. Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун негизги өзгөчөлүгү – анын артында мамлекеттин жоопкерчилиги жана стратегиялык ролу турат. Айрыкча социалдык мааниге ээ программаларды ишке ашырууда мамлекеттик институттун ролу чоң. Ал эми жеке компаниялар рыноктук кызматтарды өнүктүрүүгө, жаңы продуктуларды киргизүүгө жана атаандаштыкты күчөтүүгө багыт алышат. Ошондуктан жарандар үчүн эң негизгиси - компаниянын ишенимдүүлүгүнө, лицензиясына, финансылык туруктуулугуна жана кызмат көрсөтүү сапатына көңүл бурушу зарыл.

**- Кыргызстанда камсыздандыруунун түрлөрү көп болгону менен практикада негизинен унаа камсыздандыруусу гана активдүү колдонулат. Эмне үчүн саламаттык, мүлк же өмүр камсыздандыруусу кеңири жайылбай жатат?**

- Бул биринчи кезекте камсыздандыруу маданиятынын деңгээли менен байланыштуу. Унаа камсыздандыруусу жол кырсыктарынын реалдуу тобокелдиктери менен түз байланышта болгондуктан, жарандар аны тезирээк кабыл алышат. Ал эми өмүрдү, саламаттыкты жана мүлктү камсыздандыруу - узак мөөнөттүү коргонуу механизми. Мындай кызматтарга болгон суроо-талап көбүнчө экономикалык туруктуулук жана финансылык пландоо маданияты менен шарттalat. Ошол эле учурда акыркы жылдары Кыргызстанда, айрыкча табигый кырсыктардан коргоо багытында мүлктү камсыздандыруу активдүү өнүгүп жатат. Бул өлкөнүн сейсмикалык жана климаттык өзгөчөлүктөрүн эске алганда өтө актуалдуу. Мамлекеттик камсыздандыруу уюму бул багытта калкка түшүндүрүү иштерин күчөтүп, камсыздандыруу кызматтарын жеткиликтүү кылуу боюнча иштерди жүргүзүп жатат.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

## ШАМАЛДАН ЖАБЫРКАГАН МЕКТЕПКЕ 1,1 МЛН СОМДОН АШЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨНДҮ

***“Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ААК Чүй облусунун Он Бир-Жылга айыл аймагындагы жалпы билим берүүчү орто мектепке 1 196 482 сом өлчөмүндө камсыздандыруу төлөмүн жүргүздү.***

Белгилүү болгондой, 2026-жылдын 21-февралында катуу шамалдын кесепетинен Шамшы айылындагы Рысменде уулу Акмат атындагы орто мектептин чатыры жабыркаган. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги маалымдагандай, шамалдын ылдамдыгы секундасына 18 метрге чейин жеткен.

Окуядан кийин “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ААКнын Чүй облустук филиалынын адистери жерине барып, келтирилген зыянды каттоону жүргүзүшкөн. Тиешелүү документтер топтолуп, ыйгарым укуктуу органдардын корутундусунун негизинде камсыздандыруу төлөмү толук көлөмдө ишке ашырылды.

Белгилей кетсек, 2026-жылдын 7-апрелине карата республика боюнча “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ААК тарабынан 786 камсыздандыруу учур боюнча жалпы суммасы 102 536 970,56 сомду түзгөн төлөмдөр жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүчтөр ОСАГО, турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу, ошондой эле башка камсыздандыруу түрлөрүн камтыйт.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## ӨРТ ЧЫККАНДА “101” НОМЕРИНЕ ЧАЛЫҢЫЗ

***Бишкек шаары жылдан-жылга өсүп, аймагы кеңейүүдө. Жаңы курулуштар көбөйүп, ар бир үй жана батир электр энергиясын активдүү пайдаланууда. Мунун натыйжасында электр энергиясына жана газга болгон талап да өсүүдө. Мындай өсүш менен катар өрт чыгуу коркунучу да жогорулайт. Тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда өрт адамдардын этиятсыздыгынан келип чыгат.***



Өрт кырсыктары көбүнчө мекемелерде эмес, жеке турак жайларда катталат. Маселен, 2026-жылдын алгачкы үч айында Бишкек шаарынын Свердлов районунда 33 өрт кырсыгы катталып, келтирилген экономикалык чыгым 17 646 746 сомду түзгөн.

Ошондуктан, эгерде сиз өрттү байкасаңыз, дароо 101 же 112 номерлерине телефон чалыңыз. Чалуу учурунда өз фамилияңызды айтып, дарегиңизди так жана түшүнүктүү билдирүү зарыл.

**МУРАТАЛЫ уулу Рысбек, Бишкек шаардык Свердлов району боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн улук офицери, капитан**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МААНИЛҮҮ МАЕК

## Жогорку Соттун Төрагасы Медербек САТЫЕВ:

# “АЧЫКТЫК, САНАРИПТЕШТИРҮҮ ЖАНА ИШЕНИМ – СОТ СИСТЕМАСЫНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ”

***Өткөн жумада Жогорку Соттун Төрагасы Медербек Сатыев ЖМК өкүлдөрү менен жолугуп, суроолоруна жооп берип, сунуш-пикирлерин укту. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, гезитибизге кененирээк маек берүүсүн өтүнгөнбүз. Өтүнүчүбүздү орундатып, сот системасындагы реформалар, ачыктык, санариптештирүү жана ишенимди арттыруу тууралуу кызыктуу маек куруп берди. Анда кеп башынан болсун.***

**- Медербек Асанбекович, сиздер жаңыдан иштеп чыккан “2023–2026-жылдары КРнын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү” мамлекеттик программасынын негизги максаты эмнеде?**

- “2023–2026-жылдары КРнын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасынын негизги максаты – сот бийлигинин көз карандысыздыгын жана ачыктыгын камсыз кылуу, сот тутумунун санариптештирүүсүн ырааттуу өнүктүрүү, жарандардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, сот чечимдеринин сапатын жогорулатуу аркылуу элге багытталган, адилеттүү, натыйжалуу сот системасын түзүү.

Бул стратегиялык максатка жетүү үчүн программада төрт негизги артыкчылыктуу багыт (ички максаттар) аныкталган. Биринчиден, судьялардын жана жалпы сот системасынын институционалдык көз карандысыздыгын бекемдөө каралган. Бул – адилет сот жүргүзүүнүн негизги шарты. Экинчиден, сот системасынын натыйжалуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын жогорулатуу максаты коюлган, бул жарандардын ишенимин бекемдөөгө түздөн-түз таасир этет. Үчүнчүдөн, сот адилеттиги системасына санариптик технологияларды кеңири киргизүү жана алардын натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуу. Төртүнчүдөн, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын - укук коргоо, юстиция жана соттук чечимдерди аткаруу кызматтарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу каралган.

**- Ал эми милдеттери кандай?**

- Программанын милдеттери сот адилеттигинин сапатын комплекстүү жакшыртууга багытталган. Анын алкагында жарандардын сот органдарына кайрылуу жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү, кызмат көрсөтүүлөрдү белгиленген мөөнөттөрдө жана сапаттуу алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, соттук экспертизалардын сапатын жана ыкчамдыгын жогорулатуу, ошондой эле сот чечимдеринин толук жана өз убагында аткарылышын камсыз кылуу боюнча чаралар каралган. Мындан тышкары, сот адилеттиги системасына кирген органдардын ишин оптималдаштыруу, судьялардын жана кызматкерлеринин жоопкерчилигин күчөтүү жана маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу аркылуу башкаруу процесстерин модернизациялоо өзгөчө мааниге ээ.

Аталган программа КРнын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү боюнча акыркы жылдардагы стратегиялык пландоонун логикалык уландысы болуп, жакынкы төрт жылга багытталган үчүнчү маанилүү документ болуп эсептелет.

Анын мурдагы программалардан айырмачылыгы - бул жерде соттордун ички өнүгүүсү менен гана чектелбестен, сот адилеттиги системасына түздөн-түз байланышкан башка мамлекеттик органдардын – укук коргоо, юстиция, соттук чечимдерди аткаруу жана башка түзүмдөрдүн ишин өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү чаралардын камтылышы болуп саналат.

Мындай комплекстүү мамиле жыйынтыгында жарандардын укуктарын натыйжалуу коргогон, ачык, жеткиликтүү жана заманбап сот адилеттиги системасын түзүүгө өбөлгө болот.

**- Бул программанын негизги максаттарынын бири – жарандардын сотко болгон ишенимин жогорулатуу экен. Бирок, бүгүнкү күндө ишенимди төмөндөтүп жаткан негизги факторлор кайсылар?**

- Жарандардын сот системасына болгон ишенимин төмөндөтүп жаткан факторлор бир нече себептерге байланыштуу. Бул - сот чечимдери жана сот процесстери тууралуу жетиштүү, так жана түшүнүктүү маалыматтын жетишсиздиги. Көпчүлүк жарандар сот актыларынын мазмунун толук түшүнбөй калышат же процесстердин жүрүшү тууралуу маалыматты өз убагында ала алышпайт. Мындан улам, ар кандай күмөн ойлор туура эмес түшүнүктөрдүн жаралышына алып келет. Айрым учурларда сот иштеринин узакка созулушу жана процессуалдык кечигүүлөр жарандардын наразычылыгын жаратат. Адилет чечим канчалык негиздүү болбосун, эгер ал өтө узак убакытта кабыл алынса, бул сот системасынын натыйжалуулугуна болгон ишенимге терс таасирин тийгизет. Ошондой эле, сотто утулган тараптын чечимге наразы болушу табигый көрүнүш. Бирок, мындай субъективдүү пикирлер айрым учурларда коомдук мейкиндикте кеңири жайылып, жалпы сот системасына карата терс көз карашты калыптандырууга себеп болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, маалымат каражаттарында жана социалдык тармактарда сот иштеринин айрым учурларда бир жактуу же толук эмес чагылдырылышы коомдук пикирге олуттуу таасир этет. Бул дагы жарандардын ишеним деңгээлинин төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. Ушундай шартта биздин негизги милдет – сот системасынын ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу. Биз маалыматты ыкчам, так жана жеткиликтүү жеткирүүгө өзгөчө көңүл буруп жатабыз. Санариптик кызматтарды өнүктүрүү, сот процесстерин жөнөкөйлөтүү жана сот адилеттигинин сапатын жогорулатуу аркылуу жарандардын ишенимин бекемдөө негизги артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Жыйынтыгында, сот системасы канчалык ачык, түшүнүктүү жана натыйжалуу иштесе, жарандардын ага болгон ишеними ошончолук жогорулайт.

**- Аймактарда сот адилеттигине жетүү маселеси дагы деле актуалдуу. Бул багытта конкреттүү кандай өзгөрүүлөр күтүлөт?**

- Аймактарда сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу жана жакшыртуу - биздин мамлекеттик саясаттагы эң маанилүү жана артыкчылыктуу багыттарынын бири. Жарандардын жашаган жерине карабастан сот адилеттигине тең жана тоскоолдуксуз жетүүсү - укуктук мамлекеттин негизги принциптеринин бири болуп саналат. Бул багытта сот кызматтарын кеңири санариптештирүү аркылуу



жарандардын сот органдарына кайрылуусун мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүү каралууда. Онлайн кызматтарды өнүктүрүү аркылуу жарандар арыздарды электрондук форматта тапшырып, сот иштеринин жүрүшүн аралыктан көзөмөлдөөгө, керектүү маалыматтарды ыкчам алууга мүмкүнчүлүк алышат. Бул өзгөчө алыскы аймактарда жашаган жарандар үчүн чоң жеңилдик жаратат. Мисалы, сот адилеттүүлүгүнүн сапатын жогорулатуу, ошондой эле коомчулуктун жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөргө карата көз карашын аныктоо максатында, бардык сот имараттарына QR-коддор камтылган маалыматтык тактаалар орнотулду. QR-коддор аркылуу жарандар сот тутумунун жалпы ишмердүүлүгүнө карата өз пикирлерин жана сунуштарын калтыра алышат. Аталган механизм бир катар маанилүү милдеттерди аткарат. Биринчиден, сот ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын камсыз кылат. Экинчиден, жарандарга сottук териштирүүлөрдүн жүрүшү, судьялардын кесипкөйлүгү жана кабыл алынган чечимдердин адилеттүүлүгү тууралуу өз ойлорун билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, жарандар сот кызматкерлеринин мамилеси, сот имараттарында түзүлгөн шарттар жана жалпы сот тармагындагы иш-аракеттер боюнча да пикирлерин эркин билдире алышат.

Белгилей кетсек, QR-код аркылуу пикир калтыруу жашыруун негизде жүргүзүлөт. Бул жарандардын ачык жана эркин ой-пикир билдирүүсүнө шарт түзөт, анткени пикир калтырган адамдын ким экендиги аныкталбайт.

Жергиликтүү соттордун жыл жыйынтыгын чыгарган жыйындарында QR-код аркылуу келип түшкөн сунуш-пикирлерге өз убагында жана ыкчам жооп берүү милдетин аймактардагы соттордун төрагаларына тапшырдым. Ар бир айтылган сунуш-пикирди дыкат талдап, тиешелүү чараларды көрүү талабын койдум.

Аймактык соттордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо маселесине өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Сот имараттарын оңдоо, заманбап техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу, интернет байланыштын сапатын жакшыртуу сыяктуу конкреттүү чаралар этап-этабы менен ишке ашууда. Ошондой эле кадрдык потенциалды күчөтүү маанилүү багыттардын бири. Аймактарда иштеген судьялардын жана сот кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, үзгүлтүксүз окутуу жана тажрыйба алмашуу механизмдерин киргизүү аркылуу кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуунун аракетиндебиз. Көчмө сот жыйындарын уюштуруу практикасы кеңейтилет. Бул ыкма жарандардын сотко баруу үчүн кошумча убакыт жана каражат сарптоосун азайтып, сот адилеттигин жеринде камсыз кылууга шарт түзөт.

**- Судьяларды кызматтан алуу жана жоопкерчиликке тартуу жол-жобосун кантип калыс, адилет, ачык кылуу керек?**

- Курамында 9 адамдан турган КРнын Судьялар кеңешиндеги Тартип комиссиясы бар. Аталган комиссия судьялардын тартиптик жоопкерчилиги боюнча маселелерди карайт. Комиссия ар бир ишти объективдүү, ар тараптуу жана бейтарап карап, судьянын укуктарын толук сактоого тийиш деп эсептейм. Экинчиден, ачык-айкындуулукту камсыз кылуу маанилүү. Тартиптик иштер боюнча кабыл алынган чечимдер коомчулук үчүн жеткиликтүү болуп, алардын негиздемеси түшүндүрүлүшү керек. Бул коомдун сот системасына болгон ишенимин арттырууга өбөлгө түзөт. Үчүнчүдөн, жоопкерчилик маселелерин кароодо көз карандысыздык принциби сакталууга тийиш. Комиссиянын ишине кандайдыр бир тышкы кийлигишүүлөргө жол берилбеши керек. Чечимдер фактыларга жана далилдерге гана таянып кабыл алынууга тийиш. Төртүнчүдөн, судьялардын жоопкерчилигин күчөтүү менен алардын укуктук кепилдиктери да камсыздалышы зарыл. Башкача айтканда, ар бир судья өзүнө коюлган айыптар боюнча түшүндүрмө берүүгө, далилдерди сунуштоого жана мыйзамда каралган тартипте коргонууга укуктуу. Мыйзамдуулук, ачыктык, калыстык жана жоопкерчилик принциптерин ырааттуу сактоо аркылуу гана судьяларды кызматтан алуу жана жоопкерчиликке тартуу жол-жобосун адилеттүү жана коомдун ишенимине татыктуу деңгээлде камсыз кылууга болот деп ойлойм.

**- Өзүңүз да соттор арасында пара алуу тыйылбай жатканын ачык айткансыз. Бул көрүнүштү токтотуу үчүн конкреттүү кандай чаралар көрүлүп жатат?**

- Коррупцияга каршы күрөш – сот системасындагы эң негизги жана принципиалдуу багыттардын бири болуп саналат. Пара алуу сыяктуу көрүнүштөргө эч кандай




шартта жол берилбейт жана мындай фактылар аныкталган учурда мыйзам чегинде катуу жана кайтарымсыз чаралар көрүлөт. Бул багытта сот процесстерин максималдуу деңгээлде санариптештирүү аркылуу адам факторун азайтуу иштери активдүү жүрүүдө. Мисалы, сот иштерин автоматтык түрдө бөлүштүрүү системасы киргизилип, ишти ким карай тургандыгына сырттан таасир этүү мүмкүнчүлүгү жоюлууда. Ошондой эле онлайн кызматтардын кеңейтилиши жана процесстердин электрондук форматка өтүшү ачыктыкты камсыз кылып, коррупциялык тобокелдиктерди олуттуу түрдө төмөндөтөт. Мындан тышкары, судьялардын жана сот кызматкерлеринин жоопкерчилигин күчөтүү, алардын ишмердүүлүгүнө карата этикалык талаптарды так сактоо, тартиптик өндүрүштөрдү ыкчам жана калыс кароо практикасы дагы күчөтүлүүдө. Ар бир мыйзам бузуу фактысы принципиалдуу түрдө каралып, тиешелүү укуктук баа берилет. Анткени, сот системасы азыркы учурда ичинен өзүн-өзү тазалап жатат. Аны менен катар коомдук көзөмөлдү күчөтүү да маанилүү орунду ээлейт. ЖМКлар жана жарандык коом менен ачык иш алып баруу аркылуу сот системасынын ишмердүүлүгү коомчулуктун көзөмөлүндө болууда. Көрүлүп жаткан бардык чаралардын негизги максаты – сот системасында коррупцияга таптакыр жол берилбеген, таза, адилет жана жарандардын ишенимине татыктуу укуктук чөйрөнү түзүү болуп саналат.

**- Сиздерде "Электрондук сот адилеттигин" киргизүү каралган. Бирок аймактардагы техникалык мүмкүнчүлүктөрдү эске алганда, бул процесс ар кандай тоскоолдуктарга туш болуп жатса керек?**

- КРнын Президенти Садыр Жапаров судьялардын курултайында сот тутумун санариптештирүү маселесин тез арада аягына чыгаруу талабын койгон. Бул багытта "Электрондук сот адилеттигин" киргизүү - бул бүгүнкү күндүн талабы жана сот системасын комплекстүү модернизациялоонун негизги багыттарынын бири. Анын башкы максаты - сот кызматтарын ыкчам, ачык жана жарандар үчүн жеткиликтүү кылуу. Албетте, аймактардагы техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн деңгээли бирдей эмес экенин эске алабыз. Айрым жерлерде интернет байланышынын сапаты жетишсиз, техникалык жабдуулар толук камсыздалбаган учурлар бар. Мындай жагдайлар белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратып жатканын жашырбайбыз. Бирок, бул маселелерди системалуу жана этап-этабы менен чечүү боюнча конкреттүү иштер жүрүүдө. Атап айтканда, аймактык сотторду заманбап компьютердик техника жана сервердик жабдуулар менен камсыз кылуу, интернет байланыштын сапатын жакшыртуу, судьялардын жана сот кызматкерлеринин санариптик көндүмдөрүн жогорулатуу боюнча окутуулар уюштурулууда. "Электрондук сот адилеттиги" системасы киргизилип жаткан шартта жарандар үчүн салттуу форматтагы кайрылуу мүмкүнчүлүгү дагы сакталат. Бул - ар бир жаран өзүнө ыңгайлуу болгон ыкманы тандап, сот адилеттигине тоскоолдуксуз жетиши үчүн маанилүү. Биздин максат – бардык жарандар үчүн тең шартта иштеген, ыңгайлуу, жеткиликтүү жана натыйжалуу сот адилеттигин камсыз кылуу.

**- Санариптештирүү сот процессинин ачыктыгын канчалык деңгээлде жогорулатат деп ойлойсуз?**

- Санариптештирүү сот процессинин ачыктыгын сапаттык жаңы деңгээлге чыгарат. Бул багыттагы өзгөрүүлөр сот системасынын ишине болгон ишенимди бекемдөөнүн эң натыйжалуу инструменттеринин бири. Иштерди автоматтык түрдө бөлүштүрүү системасы адам факторун минималдаштырып, сот иштерине тышкы кийлигишүүлөрдүн мүмкүнчүлүгүн жоёт. Бул өз кезегинде калыстыкты камсыз кылуунун маанилүү кепилдиги болуп эсептелет. Экинчиден, электрондук системалар аркылуу жарандар сот иштеринин жүрүшүн онлайн режимде көзөмөлдөйт. Бул маалыматтын жеткиликтүүлүгүн кыйла жогорулатып, сот процессинин жабыктыгы тууралуу түшүнүктү жоёт. Үчүнчүдөн, сот чечимдеринин электрондук форматта жарыяланышы, ошондой эле сот отурумдарынын аудио жана видеофиксацияланышы ар бир процесстин толук жазылып, сакталуусуна шарт түзөт. Ар бир аракеттин изин калтырып, кийин текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай механизмдер жоопкерчиликти күчөтүп гана тим болбостон, судьялардын жана сот кызматкерлеринин ишинде тартипти жана тактыкты камсыз кылат. Санариптештирүү сот адилеттигинин ачыктыгын жогорулатып, жарандардын сот системасына болгон ишенимин бекемдөөгө олуттуу салым кошот.

**- Эмне үчүн буга чейинки реформалар толук кандуу иш жүзүндө натыйжа берген эмес?**

- Мурда жүргүзүлгөн реформалар үзгүлтүксүз жана системалуу негизде ишке ашырылбай калган. Айрым реформалар концептуалдык деңгээлде туура иштелип чыкканына карабастан, практикалык жүзөгө ашырууда жетиштүү колдоо таппай келген. Мындан тышкары, ресурстук камсыздоонун жетишсиздиги, кадрдык даярдыктын алсыздыгы жана заманбап технологиялардын толук кандуу киргизилбегени да өз таасирин тийгизген. Коомчулук менен байланыштын жетишсиздиги жана ачык-айкындуулуктун төмөн деңгээли реформаларга болгон ишенимди азайтып, алардын натыйжалуулугун чектеген. Ошондой эле, сот реформасы бир гана сотко тиешелүү болбошу керек. Чыныгы натыйжага жетишүү үчүн прокуратура, ИИМ жана тергөө органдары менен биргеликте комплекстүү реформа жүргүзүлүшү зарыл. Бардыгы комплекстүү болгондо гана реформалар эффективдүү болуп, натыйжа берет. КРнын Жогорку соту Пленумун өткөргөндө бардык укук коргоо органдарынын жана адвокатура өкүлдөрүн чакырат. Бул процесс реформаларды ырааттуу жана коомчулукка ачык жүргүзүүгө, бардык тараптардын пикирлерин эске алууга шарт түзөт.

**- Судьяларга жогору жактан басым болбой турган системаны кантип түзүүгө болот?**

- Бүгүнкү күндө судьяларга жогору жактан түздөн-түз басым жасалууда деп айтууга негиз жок. Ар бир судья чечим кабыл алууда мыйзамга гана таянып, өз ички ишенимине ылайык иш алып барат. Бардык сот чечимдери Кыргыз Республикасынын атынан чыгарылары белгилүү, демек ар бир чечим үчүн судья жеке өзү жоопкерчилик тартат. Бул - көз карандысыз сот бийлигинин негизги принциптеринин бири. Ошол эле учурда судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында кошумча механизмдер да каралган. Тактап айтканда, КРнын Жогорку сотунун Төрагасынын буйругуна ылайык, эгер судьяларга кимдир бирөөлөр тарабынан кандайдыр бир басым жасалса, алар бул тууралуу дароо Жогорку соттун Төрагасына билдирүүгө милдеттүү. Бул чара мүмкүн болгон мыйзамсыз кийлигишүүлөрдү ыкчам аныктоого жана алдын алууга багытталган. Биздин максат – судьялардын көз карандысыз иштеши үчүн бардык шарттарды түзүү. Бул үчүн институционалдык кепилдиктерди бекемдөө, тышкы кийлигишүүлөрдү болтурбоо жана судьялардын кесиптик эркиндигин камсыз кылуу боюнча иштер жүрүүдө.

**- Соттордун аброюн көтөрүү үчүн ачыктык эле жетиштүүбү же кошумча аракеттер керекпи?**

- Ачыктык сот системасынын аброюн жогорулатууда өтө маанилүү фактор, бирок ал жалгыз жетиштүү эмес. Албетте, сот процесстеринин ачык жүргүзүлүшү, чечимдердин коомчулукка жеткиликтүү болушу, онлайн-технологиялардын колдонулушу ишенимди арттырат. Бирок, мунун жанында судьялардын жеке жоопкерчилиги жана кесипкөйлүгү өзгөчө роль ойнойт. Ар бир судья өз чечимин мыйзам чегинде негиздүү, так жана далилдерге таянып чыгарууга милдеттүү. Ошондой эле соттор коомчулук менен активдүү байланышта болуп, укуктук түшүндүрмөлөрдү берип, жарандардын суроолоруна ачык жооп бериши зарыл. Мындай комплекстүү мамиле гана сот системасынын аброюн чыңдап, коомдук ишенимди арттыра алат. Өзүңүзгө белгилүү болгондой, жакында эле "ЖМК өкүлдөрү менен ийри отуруп, түз кеңешели" деп атайын ачык аянтча уюштуруп, баарлаштык. Анткени, журналисттер сот менен коомчулуктун ортосундагы көпүрө. Сот тутумунда болуп жаткан иштердин бардыгы жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдырылат. Андыктан, журналисттердин учурдагы кызыктырып жаткан суроолоруна жооп бердим. Алар тарабынан айтылган сунуш-пикирлерди дагы эске алаарыбызды билдирдик.

**- Судьялардын коопсуздугу кандай камсыздалат?**

- Судьялардын коопсуздугу – сот адилеттигин толук кандуу ишке ашыруунун негизги шарттарынын бири. Сот процесстери учурунда коопсуздук сот приставдары тарабынан камсыздалат, алар сот залындагы тартипти көзөмөлдөп, күтүүсүз кырдаалдардын алдын алат. Процесстен тышкаркы учурларда судьялар коркунучка дуушар болсо, жарандардай эле тиешелүү укук коргоо органдарына кайрылууга укуктуу. Бул учурда жеке коргоо чаралары колдонулушу мүмкүн. Эл аралык тажрыйбада, мисалы, Германия, Франция жана Канадада судьялардын коопсуздугу сот залында приставдар аркылуу, ал эми процесстен тышкаркы учурлардагы коркунучтар үчүн полициянын колдоосу, жеке күзөт жана жашыруун дарек менен камсыздалат. Бул механизмдер судьялардын көз карандысыз жана коркунучсуз иштешине шарт түзөт. Ушул тажрыйбаларды эске алып, биз дагы судьялардын коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурушубуз керек. Сот процессинде гана эмес, процесстен тышкаркы учурларда да коркунучтарга каршы алдын алуу чараларын күчөтүү зарыл.

**- Өзүңүздүн сот системасына болгон жеке ишенимиңиз кандай?**

- Менин сот системасына болгон ишенимим жогору. Анткени, акыркы жылдары системалуу жана конкреттүү натыйжа берген реформалар ишке ашырыла баштады. Сот иштерин автоматтык бөлүштүрүү системасы киргизилип, адам фактору олуттуу деңгээлде кыскартылды. Бул калыстыкты камсыз кылууда маанилүү кадам болуп саналат. Ошондой эле сот процесстерин онлайн трансляциялоо, милдеттүү түрдө аудио жана видеофиксациялоо ачыктыкты жана жоопкерчиликти жогорулатты. Электрондук кызматтардын киргизилиши жарандардын сот системасына жеткиликтүүлүгүн жеңилдетип, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртты. Албетте, чечиле турган маселелер дагы бар, бирок эң башкысы биз ачык иштеп, көйгөйлөрдү жашырбай аларды чечүүгө багытталган так, системалуу кадамдарды жасап жатабыз. Ошондуктан сот системасы туура багытта өнүгүп жатат деп ишенимдүү айтууга негиз бар.

**- Сотторду ротациялоонун жыйынтыктары кандай болууда?**

- Ротация – бул мезгилдин талабы, коррупциянын, туугандашуунун, жеңил-желпи, тийип-качма иш жүргүзүүнүн алдын алууга болгон аракет. Анын негизги максаты – бир жерде узак убакыт иштөөнүн натыйжасында калыптанышы мүмкүн болгон байланыштарды жана мүмкүн болгон таасирлерди азайтуу. Бул өз кезегинде калыстыкты камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Бүгүнкү күндө ротациянын алгачкы жыйынтыктары байкала баштады. Айрым аймактарда иштин сапаты жакшырган учурлар бар, судьялар жаңы чөйрөдө иштеп, тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушууда. Бул алардын кесиптик деңгээлин жогорулатууга да оң таасирин тийгизүүдө. Албетте, ротация кыска мөөнөттө бардык маселелерди чечип салуучу инструмент эмес. Ал узак мөөнөттүү натыйжа бере турган маанилүү реформа. Системалуу өзгөрүүлөр менен айкалышканда сот системасын чыңдоого олуттуу салым кошулат.

**Жазгүл КАРБОСОВА**

## 2025-ЖЫЛДЫН 4-НОЯБРЫНДА КАИР ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН МИСИР АРАБ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК, КЫЗМАТТЫК ЖАНА АТАЙЫН ПАСПОРТТОРДУН ЭЭЛЕРИ ҮЧҮН ВИЗАЛЫК ТАЛАПТАРДЫ ӨЗ АРА ЖОККО ЧЫГАРУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 12-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 4-ноябрында Каир шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Мисир Араб Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Дипломатиялык, кызматтык жана атайын паспорттордун ээлери үчүн визалык талаптарды өз ара жокко чыгаруу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө мисир тарапка кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

*Бишкек ш., 2026-жылдын 6-апрели, №39*

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ АРАБСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЕГИПЕТ О ВЗАИМНОЙ ОТМЕНЕ ВИЗОВЫХ ТРЕБОВАНИЙ ДЛЯ ВЛАДЕЛЬЦЕВ ДИПЛОМАТИЧЕСКИХ, СЛУЖЕБНЫХ И СПЕЦИАЛЬНЫХ ПАСПОРТОВ, ПОДПИСАННОГО 4 НОЯБРЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ КАИР

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 марта 2026 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Арабской Республики Египет о взаимной отмене визовых требований для владельцев дипломатических, служебных и специальных паспортов, подписанное 4 ноября 2025 года в городе Каир.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить египетскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

*г.Бишкек, 6 апреля 2026 года, №39*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 26-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин I бөлүгүнө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №6, 80-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
1) 64-статьянын 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
"2. Ушул Кодекстин 63-статьясынын 2-пунктунда көрсөтүлгөн, аракетке жөндөмсүз граждан өз алдынча жасоого укуктуу болгон бүтүмдөрдү кошпогондо, аракетке жөндөмсүз деп таанылган граждандын атынан бүтүмдү аны камкордукка алган адам түзөт.";
2) 67-статьянын 2-пунктунда "бардык" деген сөз алып салынсын;
3) 189-статьянын 1-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
"Ушул Кодекстин 63-статьясынын 2-пунктунда көрсөтүлгөн бүтүмдөрдү кошпогондо, психикалык жактан бузулуунун кесепетинен жөндөмсүз катары таанылган граждандын жасаган бүтүмү эч нерсеге татыбас бүтүм.".

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 14-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
1) 39-беренеде:
а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:
"Аракетке жөндөмсүз деп таанылган жаран аракетке жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү жөнүндө өз алдынча же өкүлү аркылуу сотко кайрылууга укуктуу.";
б) 5-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: "Сот аракетке жөндөмсүз деп таанылган жаранды катышууга тартууга укуктуу.";
2) 262-берененин 1-бөлүгүнүн 6-пункту "жөнүндө" деген сөздөн кийин «,аракетке жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү тууралуу" деген сөздөр менен толуктапсын;
3) 296-берененин 2-бөлүгү "сот" деген сөздөн кийин "жарандын же анын өкүлүнүн," деген сөздөр менен толуктапсын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

*Бишкек ш., 2026-жылдын 6-апрели, №40*

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ГРАЖДАНСКИЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, ГРАЖДАНСКИЙ ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 февраля 2026 года*

**Статья 1**
Внести в часть I Гражданского кодекса Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1996 г., №6, ст. 80) следующие изменения:
1) пункт 2 статьи 64 изложить в следующей редакции:
«2. От имени гражданина, признанного недееспособным, сделки совершает его опекун, за исключением сделок, указанных в пункте 2 статьи 63 настоящего Кодекса, которые вправе самостоятельно совершать недееспособный гражданин.»;
2) в пункте 2 статьи 67 слово «все» исключить;
3) абзац первый пункта 1 статьи 189 изложить в следующей редакции:
«1. Ничтожна сделка, совершенная гражданином, признанным недееспособным вследствие психического расстройства, за исключением сделок, указанных в пункте 2 статьи 63 настоящего Кодекса.».

**Статья 2**
Внести в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 14) следующие изменения:
1) в статье 39:
а) часть 1 дополнить абзацем вторым следующего содержания:
«Гражданин, признанный недееспособным, вправе самостоятельно или через представителя обращаться в суд о восстановлении дееспособности.»;
б) часть 5 дополнить предложением вторым следующего содержания: «Суд вправе привлекать к участию гражданина, признанного недееспособным.»;
2) пункт 6 части 1 статьи 262 после слова «недееспособным» дополнить словами «, о восстановлении дееспособности»;
3) часть 2 статьи 296 после слова «заявлению» дополнить словами «гражданина или его представителя,».

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении одного месяца со дня официального опубликования.
Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

*г.Бишкек, 6 апреля 2026 года, №40*

## 2025-ЖЫЛДЫН 25-СЕНТЯБРЫНДА НЬЮ-ЙОРК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ОМАН СУЛТАНАТЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ДИПЛОМАТТЫК, АТАЙЫН ЖАНА КЫЗМАТТЫК ПАСПОРТТОРДУН ЭЭЛЕРИН ВИЗАЛЫК ТАЛАПТАРДАН ӨЗ АРА БОШОТУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 12-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 25-сентябрында Нью-Йорк шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Оман Султанатынын Өкмөтүнүн ортосундагы Дипломаттык, атайын жана кызматтык паспорттордун ээлерин визалык талаптардан өз ара бошотуу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө оман тарапка кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

*Бишкек ш., 2026-жылдын 6-апрели, №41*

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ СУЛТАНАТА ОМАН О ВЗАИМНОМ ОСВОБОЖДЕНИИ ОТ ВИЗОВЫХ ТРЕБОВАНИЙ ВЛАДЕЛЬЦЕВ ДИПЛОМАТИЧЕСКИХ, СПЕЦИАЛЬНЫХ И СЛУЖЕБНЫХ ПАСПОРТОВ, ПОДПИСАННОГО 25 СЕНТЯБРЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ НЬЮ-ЙОРКЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 марта 2026 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Султаната Оман о взаимном освобождении от визовых требований владельцев дипломатических, специальных и служебных паспортов, подписанное 25 сентября 2025 года в городе Нью-Йорке.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить оманскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

*г.Бишкек, 6 апреля 2026 года, №41*

## ЖҮКТӨРДҮ ЭЛ АРАЛЫК ТЕМИР ЖОЛДОРДО ТАШУУ КЕЛИШИМИ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Темир жолдорду өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16, 17-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**
**1.** 2023-жылдын 17-ноябрында Женевада кабыл алынган Жүктөрдү эл аралык темир жолдордо ташуу келишими жөнүндө конвенцияга кошулсун.
**2.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына депонирлесин.
**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2026-жылдын 3-апрели, №222*

САЛИЖАН ЖИГИТОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА

# “ШУУЛДАБА ТЕРЕГИМ, ТЕРЕКТЕРИМ”



**Редакциядан:** *Салижан Жигитов кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өзүнүн чоң салымын кошкон көрүнүктүү инсан. Анын айткан сөздөрү калың элдин катмарына сиңип, жыл өткөн сайын учкул сөзгө айланып баратат. Коомчулук, интеллигенция тарабынан белгиленип жаткан 90 жылдык маарекесинин урматына Кыргыз эл акыны Карбалас Бакировдун мындан 20 жыл мурда көркөм сөз чеберинен алган маегин гезитке кайра жарыялоону туура көрүп турабыз. Мындагы жалпы эле адабият жөнүндөгү Салижан Жигитовдун көз карашы, ой-пикири бүгүн деле актуалдуу деп ойлойбуз.*

## Акын, сынчы, филология илимдеринин доктору, КРнын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, профессор, Кыргыз эл жазуучусу Салижан Жигитов менен маек

**- Сиздин "Шуулдаба терегим, теректерим" аттуу ырыңызды мен жатка билчүмүн. Биринчи ырлар жыйнагыңызга жарыяланган вариантын айтып жатамын. Кийин аны негедир кайрадан оңдоп жаздыңыз. Дөңгө чыгып караганда мага таанызш көзгө жылуу көрүнгөн эски тамды жоготуп ийгендей абалда калдым. Окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапкан саптарды оңдоо алардын жан дүйнөсүнө дүрбөлөң түшүрөт деп ойлобойсузбу?**

- Биринчиден, анча-мынча ойлор ырда таасын айтылбай калгандай туюлду. Анан кээ бир саптары эл көңүл калса дагы, кыргызча табигый түрдө угулбай калгансыды. Андыктан эстетикалык көркөм табити мыкты Аман Токтогуловго: "Сен бул ырдын кайсыл жеринде көркөм өксүк болсо, мага айт" дедим. Экөөлөп иштеп, жаңы вариантын жаратканбыз. Көпчүлүк чын эле эски вариантына көнүп калган экен. Камбараалы Ботояров: "Мурдагысын жатка билчү элем, эми муну кантип жаттайм"-деп тамашалап айтканы эсимде. Бул өзү окуй турган эле ыр. Окуш үчүн жазылган. Бирок, эмнегедир обончуларга жагып калган экен, бешөө обон чыгарды. Мисалы, Асан Керимбаев, Түгөлбай Казаков ж.б. Кээ бирлери тексттин жарымын алып таштап, ырдап жүрүштү. Менимче обон үчүн ырлар өзүнчө жазылыш керек. Алар үч куплеттен ашпаган жакшы, жаттаганга ыңгайлуу, жөнөкөй, ар бир кишиэзүмдүкү деп ырдаганга ылайыктуу болушу абзел. Менин ырымды обон коштой турган түрү жок эле, бирок ал эмне үчүн обончулардын көңүлүн өрөпкүлөп жиберди? Себеби, ар бир адам белгилүү өлчөмдө мен сыяктуу эле өксүк. Боору бүтүн киши жок. Ушундан улам элге да, обончуларга да жакты окшойт, ал ыр.

Батышта “елбестүк жолуна аз эле жүк мени аттанат” деп коюшат. Анын үстүнө китептин чакан, кичинекей болгону жакшы. Чоң китепти басып чыгарыш кыйын. Мисалы, Узакбай Абдукаимовдун мактапып жүргөн "Майдан" деген китебин 10 000 нускадан чыгарыш үчүн бир миллиондой сом талап кылынат. Чыгарып коёлу дейли, анан ким сатып алат? Чыгарыш да кыйын. Чыгармаларды ошон үчүн капитализм доорунда, азыркы заманда колдон келишинче кыска жазыш керек, анан ар бир жазуучу же акын өзү тирүү кезинде "менин мына бул чыгармаларым жакшы" деп аябай тандап чыгарып койсо, жакшы болот эле.

**- Виктор Гюго чыгарма жазардын алдында чачынын, сакалынын жарымын устара менен кырып, анан жазуу столуна отурчу экен. А балким, көчөгө чыгып кетип калбайын деп сактанган чыгар. Сиздин иштөө стилиңиз кандай?**

- Виктор Гюго профессионал жазуучу. Адабияттан башка иши жок. Мисалы, орустун акындары Евгений Евтушенко жазгандан башка иш кылбайт. Пастернак да ошондой болгон. Биз, кыргыз жазуучулары кичинекей элдин өкүлдөрүбүз, жалаң адабий чыгармаларды жазуу менен жашап, үй-бүлө багып кете албайбыз. Бир жерде иштөөгө мажбурбуз. Кыргыз жазуучуларынан Түгөлбай Сыдыкбеков жана Аалы Токомбаев академик болуп алып иштебей жүрүштү. Калгандарынын баары же редакцияда, же бир мекемеде иштеп, колу тийгенде жазды. Мен ырларды көп эле жазат элем, бирок жазайын деп отурсам, бирөө келип калат, ак көңүл болгонум үчүн (мисалы, орусча үйрөнүп алган экемин) менин авторефератымды орусчага которуп бер дейт да. Анын ишин жасап атып убакыт өтүп кетет, жазайын дегенинди жаза албай каласың. Өкмөттүн ишин жасайсың. Жалаң жазуучулук менен оокат кылыш кыйын болуп кетпедиби. Ал дагы бир кесип болуп калды. Эми муну да жакшы аткарыш керек деп адабият тарыхын изилдөөгө кирип кеттим. Жөн жүрбөй анча-мынча проза жазып жибердим. Котормо менен алектендим. Кыргыз эли окусун деп өзүмө жаккан Антуан Сент-Экзюперинин "Кичинекей ханзаада" деген жомогун которуп койдум эле, Ашым Жакыпбеков кокусунан окуп калып, басмадан чыгарып жиберди.

Кыргыз окурмандары чыныгы поэзиянын кандай экенин билбейт, бечаралар. Жалаң эле өзүбүздүкүн окуй беребиз. Орус жана башка тилден которулган ырлар болсо абдан эле начар. Илгери Мидин Алыбаев: "Пушкиниңер деле Кубаныч Акаевдей эле акын турбайбы" дептир. "Эмнеге?" деп сурашса, "кыргызча которулган окуп көрдүм" деген экен. Анын сыңары көпчүлүк котормолор төмөнкү деңгээлде болгонуна байланыштуу мен Назым Хикметти котордум. Андан кийин түрк тилдеринин биринде жазган мыкты акын Мустай Каримдин ырларын башкурт тилинен кыргызчаладым. Өз ырларымды болсо капыстан толкундап, өзгөчө эмоциялык абалга келип калганда гана жазчумун. Мисалы, "Ак боз атка сабат" деген поэмамды бир күндө эле жазып койгомун. Ошондой кылып ырлардын көбүн импровизация жолу менен жазып, кийин көбүрөөк иштеп, ийине келтирчү элем.

**- Давид Кугультиновдун ырын орус тилинен котордуңуз беле?**

- Ооба, анын Чыңгыз Айтматовго арнаган бир гана ырын кыргызчалагамын. Чын эле кээ бир саптары жакшы чыгыптыр. Некрасовдун да бир чоң ырын котордум эле, аны басмадан кайра алып салдым. Менде жатат. Илгери ырларды өзүлөрү заказ беришип, заказын аткарып койсом анан кыскарткана келгенде менин котормомду кыскартып коюшчу. Азыр Назым Хикмет менен Мустай Каримдин ырларын бастырууга даярдап койдум. Акча табылып калса чыгарамын. Акча табылбаса, “сиди” деген компьютер пластинкасына салып коюп коёмун. Жүз жылга чейин тура берет.

Кыргыз эли жети, сегиз миллионго чейин көбөйүп кетсе, эл турмушу кокус оңолсо, анан баары бир маданий турмуш өнүгөт да. Эгер биздин элибиз азыркыдай кедей абалдан кутула албаса, тышка кача беришсе, улам азая беришсе, көбү Казакстанга кетип, казак болуп, Россияга барып орус болуп... башка көп, анда айла жок. Азыркы адабиятыбыз, азыркы маданиятыбыз, эгер эл көбөйбөй, азая берсе, ушул боюнча эле кала бериши, атүгүл кедерипнен кетиши мүмкүн.

**- Орус акыны Николай Заболоцкий 55 жашка чыкканда: "Эми мен мындан ары жаңылыгы бар чыгармаларды жарата албаймын" деп мойнуна алган. Бир жолу обончу Түгөлбай Казаковдон жаңы обондорду жаратып жатасызбы деп сурасам, баары бир мурдагы деңгээлиме жетпеймин деп нака чындыкты айтты. Акын, жазуучулардын көпчүлүгүнөн сурасаң, иштеп жатканын айтышат. "Арашан" чыгармачылык үйүнө бирдеме жазуу үчүн баргандар көп, бирок негедир шедевр жаралбай жатпайбы. Буга эмне дейсиз?**

- Мисалы, акын 60тан кийин жазбай деле койсо болот. Жазса арманын айтат, карылык жөнүндө жазат. Кээ бир акындар 70ке чыгып алып деле сүйүү ырларын жазып жатпайбы. Бирок картайган акын кара сөз жазса болот. Ыр деген жаштык күүгө, эмоцияга байланыштуу. Анан толкундаш керек, толкундабасаң ыр жаза албайсың. Жалаң карандай акыл менен жаза бергенде да алгылыктуу ыр чыкпайт. Ошон үчүн Заболоцкий туура эле айткан. Күн сайын тоону көрсө тоо деп жазып, эмне ой айтып атканын билбеген жашамал акындар көп. Алар бир дос-жары 50гө же 60ка чыкса ага арнап ыр жазат. Деги кыргыздар ырды көп жазат. Бирок европалык стандарттарга салып караганда, ырлардын 99%ы өтө мажүрөө көрүнөт.

**- Сиз Назым Хикметтин ырларын түрк тилинен котордуңуз. Менимче, орус тилинен оодарганга деле кудуретиңиз жетмек. Эмне үчүн акын сүйлөгөн тилден которууну чечтиңиз?**

- Назым Хикмет өзү чоң акын. Ырлары орусчага жакшы которулган. Мен алгач анын ырларын орусчадан которуп көрдүм. Кийин түркчө эмес, азербайжан тилине оодарган китебин таап алдым. Акыры түркчөсү да колума тийди. Ошондо Назым Хикметти толук түшүнүүгө аракет жасап, сөздүктөрдү алып отуруп түркчө үйрөндүм. Түркиядан биздин Илимдер академиясына китептерден жиберилчү. Эч ким окубайт, мен окуп жүрдүм. Назым Хикметти которгонум түрк тилин үйрөнгөнүмө ого бетер жардам берди. Карасам, анын ырлары оригиналында орусча которулгандан да мыкты экен. Кыргызча жазылгандай, кыргызча жаралгандай кантип ырларды жасайм деп ойлондум. Аябай көп иштедим. Ар бир ырдын беш-алты вариантын жасадым. Акырында ар бир ырын түркчөсүнө төп келгендей котордум го дейм. Ушуга окшоштуруп башкурт акыны Мустай Каримди да башкуртчадан кыргызчаладым.

**- Мен өткөндө сизден интервью алганда “Кыргыз акындарынын баарын окуп чыктым. Аларда европалык стандартка туура келе турган ырлар өтө аз” деген элеңиз. Маселен, Байдылда Сарногоевдин же Сооронбай Жусуевдин ошол стандартка туура келген канча ыры бар?**

- Байдылда Сарногоевдин 15ке жакын: "Таңкалам", "Салам сага Сарногойдун коргону" анан өзү жөнүндө жазылган жакшы ырлары бар. Элдик акын. Анын чыгармалары фольклордун жакшыртылган варианты. Ал эми Сооронбай Жусуевдин ырлары аябай көп да. Бирок акыл менен жазылган ырлары да кезигет. Мындан 15-20 чакты накта ыр тандап алса болот. Уйкаштары жакшы, басыгы оор сыяктуу көрүнөт. Бу киши аябай уста. Жаналы биз айтып жаткан дүйнөлүк стандартка товар туура келбесе эч ким албайт. Шайлоону да дүйнөлүк стандартка туура келет, туура келбейт деп жатабыз. Анан биздин ырларды ушул калыпка салышыбыз керек. Мына, Чыңгыз Айтматов европалык тажрыйбаны өздөштүрүп алып роман, повесттерин жазып жатпайбы. Маселен, Пушкин, Гете, Роберт Бернс ырды кандай жазуунун өрнөктөрүн берүүдө. Биз аларды орусча таржымалдар аркылуу билүүдөбүз. Орус поэзиясында классикалык өрнөктөр бар. Аларда акындар көп болгондуктан тарыхта калыш аябай кыйын. Мисалы, совет доорунда көп акын чыккан. Эми ошолордон кимдер калды деген суроого келсек, М.Светлов, Н.Тихоновдор бүгүнкү күндө 4 же 5-даражадагы акындар болуп калышты. Азыр Анна Ахматова, Марина Цветаева, Осип Мандельштамдарды көтөрүп жатышат. Мурун биринчи орунда келаткан Твардовскийди жолдон мындайыраак сүрүп коюшту. Бирок бул дагы убактылуу болуш керек.

**- Бродскийчи?**

- Бродский уйкаштарды аябай мыкты келтирет экен. Ошонусуна таң калдым. Бул дагы рационалист. Көпчүлүгүн акылы менен жазып жатпайбы. Ырларынын көбү байыркы грек, рим адабиятына байланыштуу. Маселен, маршал Жуковдун өлүмүнө жазган ыры жөнөкөй эле. Чет мамлекеттин борбор шаарларын басып кирген киши өзүнүн борбор шаарына коркуп кирди деген эле ойду айткан. Еврейлер абдан ынтымактуу эл. Илгери карап көрсөң чет мамлекетте, Россиядагы белгилүү адамдардын баары еврейлер экен. Французлардын мыкты акындары да ошол улуттан. Анан бирин бири которо беришет.

**- Кыргыз тилине которулган поэзия чыгармалары бардык талаптарга жооп бере алабы?**

- Узакбай Абдукаимов Пушкиндин "Алтын балык жана балыкчы" жөнүндө жомогун которгон. Ошону баары мактап жүрүшкөн. Кийин Пушкиндин 190 жылдык юбилейи болуп калганда, Ишенбай Абдуразаков юбилейлик комиссиянын башчысы экен, тигини окуп чыгып, “муну оңдоп бербесең болбойт” деди. Аны оңдогонго аракет жасадым. Бирок оңдоло турган түрү жок. Кайра жаңы которуп салдым. Анан өзүм отуруп алып таң калдым. У.Абдукаимов дурус котормочу деле эмес экен. Мен ыраазы болгон бир чыгарма – "Василий Теркин". Сүйүнбай Эралиев мына ушуну жакшы которгон. Бирок аны дагы оңдосо болот эле. Кээ бир жерлерин көрсөтүп, “кайра которсоңуз болот эле” десем, жалкоолук кылып койду. Сооронбай Жусуев да Лермонтовдун бир топ ырларын которду. Ошонун ичинде жакшы которулган ырлар да бар. Эрнис Турсунов көп которду. Бирок анын келеминен чыккан "Евгений Онегиндин" кыргызчасы мага жаккан жок. Алыкул Осмоновдун "Жолборс терисин жамынган баатырын" окууга мүмкүн эмес. "Евгений Онегинди" которгон экен Алыкул, кыргызчасы шумдуктай начар.

**- "Менин Дагестаным" кандай?**

- Аман Токтогулов мыкты которгон. Анын ырлары да жакшы. Анан кыргыз поэзиясында, кыргыз тилинде жакшы, өрнөктүү ыр текстеринин антологиясын чыгарса жакшы болот эле. Биринчиден, табити жаман-жакшы чыгарманы айыра билген кишилер бизде аз болуп жатат. Мен элдик эпосторду окуй албаймын.

**- Бирок кичинекей бала чагыңызда окугансыз да?**

- Окуганмын. Бирок эми окуй албаймын. Себеби, дүйнөдө жакшы чыгармалар бар экенин билип алгандан кийин тигилерди карасаң примитивдүү нерсе болуп жатат.

**- "Акбоз атка айтам салабат" аттуу поэмаңызда атаңыздын башкарма болуп түрмөгө түшүп чыкканы жөнүндө айтылат...**

- Баары чын. Калп жок. Кыргыздар поэма жазганда окуялар тизмегин кандай кылып бериш керек деген маселеге келгенде иттей жадатып иет. Прозадан да жаман болуп калат. Жеңил болуп, учуп туруш керек. Прозалык деталдарды ыр түрүндө бергенге аракеттендим. Ошо кичинекей ат менен кантип Ошко барганым, кыжым алып кайра келе жатканда жана бара жатканда аны элдин караганын, ушулардын баарын келтирдим. Поэмалар узун эмес, кыска болуш керек.

**- “Уйкусуз түндөр" аттуу поэмаңызды Чыңгыз Айтматовго арнаган элеңиз. Балким анын чыгармачылыгына берген бааңыздыр?**

- Мен ошол поэмамды машинкадан эки, үч варианта бастырып алып келатсам, жолдон Чыңгыз Айтматов чыгып калды. Бир вариантын “окуп берейин” деп сурап алып кетти. Кийин мага телефон чалып “ушул поэмаңды мага эле бербейсиңби” дейт. “Мейли, ала бериңиз” деп, анын өзүнө арнап салдым.

...Мен жетинчи класста бүтүп, шаарга келдим. Кыргыз чоң эл экен деп ойлочумун. Сент-Экзюперинин "Кичинекей ханзаада" деген чыгармасын жакшы көрөмүн. Ханзаадамын эң жакшы көргөн роза гүлү бар. Мындай гүл менин чакан планетамда гана бар деп жүргөн да. Жерге түшүп келсе, минден ашык роза гүлү бар экен. Анын сыңары, мен да айылдан шаарга келип алып орусча үйрөнүп, орусча романдарды окуп, мен эмнелерди окуп, эмнени адабият деп жүргөнмүн деп көздөрүмө жаш алдым.

**- Кыргыз элине эмне деп кайрылат элеңиз?**

- Биздин өкмөтчүлөр, интеллигенттер калктын тилинен чындыктын тилине өтмөйүнчө эчтеке болбойт. Ансыз эле кыргыз элинин башы иллюзия жана жалган түшүнүктөр менен толтура. Элди калп менен тойдуруп жатат, чынын айтыш керек: “эй, сен кыргыз элиң, аз, кедей, артта калган, өзүн-өзү бага албаган элсиң. Бирок башка элдикиндей башың бар, эки бутуң бар, анан өзүн-өзү бага албаган уят” деп куйдүрүп айтыш керек.



**Маектешкен Карбалас БАКИРОВ,**
**2005-жыл, сентябрь**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ АСЫЛДАНДЫРУУ ИШИ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **апробация** – бир түрдөгү малдын жалпы тобунун малдын белгилүү бир породасына, тибине, линиясына, кроссуна таандыктыгын белгилөө мүмкүндүгүн берген талаптарга шайкештигин аныктоо;

2) **бонитер** – бонитировкалоо боюнча кызмат көрсөтүү ишин жүзөгө ашыруучу жеке адам;

3) **бонитировкалоо** – тиешелүү классты же индексти ыйгаруу менен чарбалык пайдалуу белгилеринин комплекси (породасы, өндүрүмдүүлүк сапаттары, экстерьердик-конституционалдык өзгөчөлүктөрү) боюнча малдын асыл тукум баалуулук деңгээлин аныктоо;

4) **буфердик чөлкөм** – биологиялык жана ветеринардык коргоонун өзгөчө деңгээлине ээ болгон, чарбалык иш чектелген аймак;

5) **геномдук баалоо** – малдын геномдук маалыматынын негизинде андан ары көбөйтүү үчүн асыл тукум баалуулугун эң эрте жашында аныктоо;

6) **геномдук селекция** – малдын дезоксирибонуклеин кычкылдык маркерлеринин (ДНК) түзүмү жана анын экстерьеринин ортосундагы өз ара байланышты белгилөө, популяциянын азыктуулук сапаттарынын баалуу белгилерин табуу жана бекемдөө ыкмасы;

7) **асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү мамлекеттик контроль (көзөмөл)** – жеке жана юридикалык жактардын асыл тукум мал чарбасы жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоосун камсыз кылууга багытталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдарынын иш-аракеттеринин жыйындысы;

8) **асыл тукум малдын уругун сатуу боюнча дистрибьютордук борбор (мындан ары – дистрибьютордук борбор)** – асыл тукум өндүргүч малдын тукумунун сапаты боюнча бааланган урукту сатып алуу, сактоо жана сатуу боюнча асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндө иш жүргүзүүчү юридикалык жак;

9) **заводдук тип** – породанын бөлүгү болуп саналган, бул порода үчүн жалпы касиеттерге ээ болгондон тышкары азыктуулугу, дене түзүлүшүнүн мүнөзү жана конституциясы боюнча айырмаланган айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон, көбөйтүү чөлкөмүнүн шарттарына мыкты ыңгайлашкан, илаңга чыдамдуу айыл чарба малынын тобу;

10) **заводчу** – мал туулган учурдагы энесинин ээси;

11) **асыл тукум малдын идентификациялык номери** – визуалдык, электрондук жана аралаш маалымат каражаттарын пайдалануу менен идентификацияланган малга ыйгарылган номер, ал анын жашоосунда өзгөрүлбөйт жана малдын бир түрүнүн чегинде уникалдуу болуп саналат;

12) **"Асыл тукум" асыл тукум мал чарбасы жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик маалымат тутуму (мындан ары – "Асыл тукум" БММТ)** – асыл тукум мал чарбасы жаатындагы маалыматтарды комплекстүү чогултуу, эсепке алуу, иштеп чыгуу жана сактоо үчүн, ошондой эле асыл тукум продукциясынын (материалынын) бирдиктүү паспортторун түзүү, жүргүзүү жана аларга жеткиликтүүлүктү берүү үчүн багытталган автоматташтырылган маалымат тутуму;

13) **Асыл тукум продукциясынын (материалынын) бирдиктүү паспорту (мындан ары – Бирдиктүү паспорт)** – асыл тукум малды же асыл тукум продукциясынын (материалынын) партиясын (бирдигин) идентификациялоочу жана эсепке алуу объектиси жөнүндө толук маалыматтарды камтыган "Асыл тукум" БММТиде түзүлүүчү жалгыз электрондук документ.

Анын түрүнө жараша Бирдиктүү паспорт төмөнкүлөрдү камтыйт: асыл тукум мал үчүн – асыл тукум малдын идентификациялык номерин, тегин, азыктуулук сапаттарын, асыл тукум баалуулугун, бонитировкалоонун жана молекулалык-генетикалык экспертизанын натыйжаларын, ошондой эле ээси (заводчу) жөнүндө маалыматтарды; башка асыл тукум продукциясы (материалы) үчүн – баштапкы малды идентификациялоочу маалыматтарды, анын сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрүн;

14) **кросс** – бир линиядагы малды башка линиядагы мал менен аргындаштыруудан келип чыккан айыл чарба малынын тобу;

15) **биотехнология жана төлдөтүү лабораториясы** – айыл чарба малын төлдөтүү жана жасалма уруктандыруу, биологиялык материалды (сперма, ооциттер, эмбриондор) криоконсервациялоо жана генетикалык материалды сактоо үчүн асыл тукум продукцияны (материалды) өндүрүү боюнча лаборатория;

16) **линия** – асыл тукум жана азыктуулук сапаттары тиешелүү тандоо жана тандап алуу тутуму менен колдоого алынган жана өркүндөтүлгөн атактуу тукумдан тараган породадагы асыл тукум айыл чарба малынын тобу;

17) **асылдандыруу иши чөйрөсүндөгү лицензияланган орган** – асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндө бонитировкалоо, жасалма уруктандыруу жана эмбриондорду трансплантациялоо, жүндү классификациялоо боюнча окутууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган;

18) **молекулалык генетикалык экспертиза** – малдын тегинин аныктыгын баалоо жана (же) генетикалык аномалиялардын табуу максатында жүзөгө ашырылуучу малдын биологиялык материалын изилдөө;

19) **асыл тукум мал** – белгилүү бир породаны төлдөтүү үчүн пайдаланылуучу жана Асыл тукум продукциясынын (материалынын) бирдиктүү паспортуна ээ болгон айыл чарба малы;

20) **асыл тукум өндүргүч мал** – асыл тукум малды төлдөтүү үчүн пайдаланылуучу асыл тукум эркек мал;

21) **асыл тукум эне аарысы** – асыл тукум аары уюгун көбөйтүүнү камсыз кылуучу уруктандырылган асыл тукум ургаачы аары;

22) **асыл тукум аары уюгу** – породалык белгилерин өзүнүн тукумуна түз өткөрүп берүүчү жогорку азыктуу, породасы таза жана жогорку класстагы аары уюгу;

23) **аары топтому** – өзүнүн курамында асыл тукум уруктандырылган эне аарысы, төлү (бал уюкчасында), тирүү аарылары жана ташууда аарылар үчүн зарыл болгон азыктары бар асыл тукум аары уюгунан бөлүнгөн аарылардын тобу;

24) **асыл тукум чарба** – асыл тукум заводу жана фермасы статусуна ээ болгон, белгилүү түрдөгү жана породадагы асыл тукум малды көбөйтүүнү жана сатууну жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъект;

25) **асыл тукум ишкана** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары – Министрлер Кабинети) чечимине ылайык өндүргүч асыл тукум малды багуу боюнча иш жүргүзүүчү, алардын уруктарын, эмбриондорун алуу, топтоо, сактоо, сапатын контролдоо жана сатуу менен алектенүүчү юридикалык жак;

26) **асыл тукум продукциясы (материалы)** – асыл тукум мал, ошондой эле асыл тукум малдан алынган урук, эмбриондор, инкубациялык жумуртка, бир сутkалык жөжө, балыктын икрасы, личинкасы жана чабагы, асыл тукум эне аарылары, асыл тукум аары уюктары жана аары топтомдору;

27) **асыл тукум баалуулугу** – асыл тукум малдын тукумдун чарбалык пайдалуу белгилерине таасир этүүчү генетикалык дараметинин деңгээли;

28) **асыл тукум мал чарбасы** – генетикалык дарамети жогору малды төлдөтүүгө, аларды сактоого жана көбөйтүүгө багытталган асылдандыруу ишинин тутуму менен камтылган мал чарбасынын тармагы;

29) **асылдандыруу иши** – милдети өндүрүмдүүлүгү эң жогорку жана тукумуна чарбалык пайдалуу белгилерин максималдуу берүүгө жөндөмдүү малды алуу болуп саналган иш-чаралардын тутуму;

30) **асыл тукум заводу** – таза породалуу малды, белгилүү бир породадагы канаттууларды, балыктарды жана аарыларды көбөйтүү менен алектенүүчү, ошондой эле малдын жана канаттуулардын породаларынын типтерин жана линияларын өркүндөтүү боюнча тереңдетилген селекциялык-асылдандыруу ишин жүргүзүүчү айыл чарба ишканасы;

31) **асыл тукум фермасы** – дыйкан, фермердик жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге сатуу, ошондой эле өзү төлдөтүү үчүн жогорку класстагы асыл тукум малды, белгилүү бир түрдөгү жана породадагы канаттууларды жана балыктарды көбөйтүү менен алектенүүчү айыл чарба субъектиси;

32) **генофонду чектелүү порода** – селекциялык максатта пайдалануу үчүн зарыл болгон жана жок болуу коркунучунда турган, дүйнөдө аналогу жок ата мекендик породадагы сейрек кездешүүчү малдын тобу;

33) **порода** – адам тарабынан жаратылган, ушул түрдүн башка породаларынан айырмалоого мүмкүндүк берүүчү жана тукумуна туруктуу берилүүчү малдын ушул тобуна мүнөздүү генетикалык жактан шартталган биологиялык жана морфологиялык чарбалык пайдалуу касиеттерге ээ жалпы тектеги малдын тобу;

34) **асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү субъекттердин реестри** – аттестациядан өткөн жана бул тутумда катталган жеке жана юридикалык жактардын тизмегин камтыган, "Асыл тукум" БММТинин жалпыга жеткиликтүү бөлүгү;

35) **айыл чарба малы** – адам тарабынан көбөйтүлүүчү, айыл чарба өндүрүшүнө түздөн-түз тиешеси бар малдын, канаттуулардын, балыктардын жана аарылардын бардык түрлөрү;

36) **селекциялык жана асыл тукум иши** – малды көбөйтүүдө анын азыктуулугу боюнча эң жогорку натыйжаларга жетишүү үчүн ыраатттуу иш-аракеттердин жыйындысы;

37) **адистештирилген лаборатория** – молекулалык-генетикалык экспертиза жүргүзүүчү аккредиттелген юридикалык жак, ошондой эле юридикалык жактын аккредиттелген түзүмдүк бөлүмү;

38) **породанын стандарты** – мал чарбасы чөйрөсүндөгү илимий-изилдөө уюму тарабынан иштелип чыккан жана асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген фенотиптик жана азыктуулук көрсөткүчтөрү боюнча тиешелүү породадагы асыл тукум малга карата минималдуу талаптар;

39) **мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин субъекттери** – асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндө иш менен алектенүүчү жеке жана юридикалык жактар;

40) **уруктандыруучу техник** – сертификат алган жана асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жасалма уруктандыруу, айыл чарба малынын эмбриондорун трансплантациялоо (көчүрүү) боюнча кызматтарды көрсөтүүгө карата ишин баштоо (токтотуу) жөнүндө кабарлаган жеке адам;

41) **эмбриондорду трансплантациялоо (көчүрүү)** – асыл тукум малдан көбүрөөк сандагы тукум алуунун биотехнологиялык ыкмасы;

42) **асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** – Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу асылдандыруу ишин башкаруу чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;

43) **таза кандуу мал** – көптөгөн муундар бою башка кан аралашпаган белгилүү породанын өкүлдөрүнөн алынган мал;

44) **таза породалуу мал** – төрттөн кем эмес муундагы түпкү теги бир эле породага же тектеш породаларга таандык болгон мал, ошондой эле бир породанын канынын үлүшү 93,75 пайыздан кем болбогондо тектеш эмес породаларды аргындаштыруунун натыйжасында алынган мал;

45) **эмбрион** – уруктандырылган жумуртка клеткасынан өсүп келаткан түйүлдүк.

**2-берене. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү ишти уюштуруунун негизги принциптери**

Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү иш төмөнкү принциптерге негизделет:

1) селекциялык-асыл тукум ишин уюштуруу;

2) натыйжалуулугун жана асыл тукум баалуулугун жогорулатуу;

3) породанын сакталышын камсыз кылуу;

4) асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү маалыматтардын талаптагыдай эсепке алынышын камсыз кылуу.

**3-берене. Мал чарбасындагы асылдандыруу иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

1. Мал чарбасындагы асылдандыруу иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан жана мал чарбасы жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

2. Ушул Мыйзам асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү ишти жүзөгө ашыруунун укуктук, уюштуруу жана экономикалык негиздерин аныктайт, асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндө иш жүргүзүүчү мамлекеттик органдардын, жеке жана юридикалык жактардын ишин жөнгө салат, асыл тукум малдын генофондун сактоого жана көбөйтүүгө, ошондой эле көбөйтүлүп жаткан малдын төлдөөсүнө жана азыктуулук сапатын жакшыртууга багытталат.

**4-берене. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү субъекттердин экономикалык ишинин өзгөчөлүктөрү**

1. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү субъекттер Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте асыл тукум заводу жана фермасы статусун ыйгаруу жана андан ажыратуу жөнүндө мыйзамдарга ылайык түзүлөт жана иштейт.

2. Жер участокторy жана көлмөлөр жеке жана юридикалык жактарга Кыргыз Республикасынын жер жана суу мыйзамдарында каралган тартипте асыл тукум малдарды көбөйтүү үчүн берилет.

3. Жер участокторуна жана көлмөлөргө болгон укуктар, аларды берүү тартиби жана пайдалануу режими, ошондой эле коргоо чөлкөмдөрүн белгилөө Кыргыз Республикасынын жер жана суу мыйзамдарында аныкталат.

### 2-глава. Мал чарбасындагы асылдандыруу ишин уюштуруу

**5-берене. Мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин тутуму**

Кыргыз Республикасынын мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин тутуму өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) Министрлер Кабинетин;

2) асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын;

4) мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин субъекттерин;

5) мал чарбасы чөйрөсүндөгү илимий-изилдөө институттарын.

**6-берене. Министрлер Кабинетинин компетенциясы**

Министрлер Кабинетинин асылдандыруу иши чөйрөсүндөгү компетенциясына мал чарбасындагы асылдандыруу иши жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу кирет.

**7-берене. Асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясы**

Асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мал чарбасындагы асылдандыруу ишин өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**8-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарына тиешелүү аймакта мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин мамлекеттик саясатын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү кирет.

**9-берене. Мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин субъекттери**

Мал чарбасындагы асылдандыруу ишинин субъекттерине төмөнкүлөр кирет:

1) асыл тукум заводдору жана фермалары;

2) асыл тукум ишканалары;

3) дистрибьютордук борборлор;

4) бонитерлор;

5) уруктандыруучу техниктер;

6) буфердик чөлкөмдөр.

**10-берене. Асыл тукум чарбаларында асылдандыруу ишин уюштуруу жана жүргүзүү**

1. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү иш жеке жана юридикалык жактар тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү субъекттер маалыматтардын эсебин Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзөт.

3. Асыл тукум ишканалары, биотехнология жана төлдөтүү лабораториялары, дистрибьютордук борборлор, республикалык палаталар, ассоциациялар, бирикмелер жана кооперативдер асылдандыруу ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган тартипте отчет беришет.

4. Асылдандыруу иши менен алектенүүчү асыл тукум чарбалары жер мамилелери чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин биринчи кезекте алууга жана пайдаланууга артыкчылыктуу укукка ээ.

5. Мамлекеттик асыл тукум заводдорунун жана ишканаларынын жерлери, негизги каражаттары, айыл чарба малынын асыл тукум өзөгү мамлекеттик менчик болуп саналат, аларды тескөө мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

### 3-глава. Асыл тукум мал чарбасы чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу

**11-берене. Асыл тукум продукциясына (материалына) менчик укугу жана пайдалануу тартиби**

1. Жеке жана юридикалык жактардын асыл тукум продукциясына (материалына) менчик укугу жана пайдалануу тартиби Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары менен жөнгө салынат.

2. Асыл тукум продукциясына (материалына) менчик укугунун өтүүсү Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жаңы менчик ээси жөнүндө маалыматтарды Бирдиктүү паспортко киргизүү жолу менен милдеттүү түрдө каттоого алынууга тийиш.

(Уландысы 9-бетте)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ АСЫЛДАНДЫРУУ ИШИ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 8-бетте)

**12-берене. Асыл тукум продукциянын экспорту жана импорту**

1. Асыл тукум малды жана асыл тукум продукциясын (материалын) экспорттоо жана импорттоо Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жана шарттарда Евразия экономикалык комиссиясынын асыл тукум мал чарбасы жана ветеринария жаатындагы чечимдерин эске алуу менен экспорттоо жана импорттоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Положения настоящего Закона в части, касающейся обязательного использования ЕГИС «Асыл тукум» и ЕПП, вводятся в действие с 1 января 2028 года.

3. Признать утратившими силу:

1) Закон Кыргызской Республики «О племенном деле в животноводстве Кыргызской Республики» от 27 апреля 2009 года №133 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №4, ст. 355);

2) статью 9 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики» от 10 октября 2012 года №170 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2012 г., №9, ст. 2862);

3) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменения в Закон Кыргызской Республики «О племенном деле в животноводстве Кыргызской Республики» от 18 февраля 2014 года №34 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., №2, ст. 89);

4) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «О племенном деле в животноводстве Кыргызской Республики» от 8 июля 2019 года №80 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2019 г., №7–8, ст. 468).

4. Кабинету Министров в шестимесячный срок со дня официального опубликования настоящего Закона принять нормативные правовые акты, необходимые для реализации настоящего Закона.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 7 апреля 2026 года, №44***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КУТ ДААРЫГАН САРЫ-ӨЗӨН!



Сокулук районундагы Сокулук айыл аймагынын өкмөт башчысы **Рустам ИШТЫБАЕВ:**

# “Быйыл жол оңдоого айрыкча көңүл бурабыз”




**– Рустам Нурадильевич, аталган айыл аймагынын жетишкен ийгиликтери да, кемчиликтери да сизге беш манжадай белгилүү. Себеби, өкмөт башчылыкка келгенге чейин орун басар болуп иштеп, жетекчиликтин бир тизгинин кармап келдиңиз. Андыктан айыл аймагына тааныш даанышман каарманысыз десек, жаңылышпас элек. Мына эми жылдын биринчи кварталы аяктап калды. Кандай максаттарга кадам таштайсыздар?**

– Районубуздагы бардык айыл аймактарына салыштырмалуу биздин Сокулук айыл аймагына сын көп десек туура болот. Райондун борборунда негизинен райондук нечен жыйындар, салтанаттар, ондогон иш-чаралар болгондуктан борбордук айыл аймагынын ар бир көчөсү, ар бир булуң-буйткалары жаркырап турушу керек. Андыктан айыл аймагын ар тараптан заманбап шартта өнүктүрүү өзгөчө орунда болууга тийиш. Кечээ жакында көптөн күткөн спорттук стадионубузду ачып, зоболобуз көкөлөдү. Спорттук стадионубуздун ажайып көрүнүшү ар бир сокулуктарды сыймыктандырбай койбойт. Мындан ары бардык спорттук иш-чаралар футбол баш болуп мына ушул заманбап спорт жайыбызда өтөт. Заманбап орундуктардан миндеген көрүүчүлөр, спортту сүйүүчүлөр орун алып, черибизди жазабыз. Эскилиги небак жеткен жетимсиреген стадионубуздун мына эми бактысы ачылды. Жарпы жазылды. Бул стадион айыл аймагыбыздын көркү. Ачылыш салтанатына эл көп келди. Аксакалдар ак батасын беришти. Ылайым жеңиштердин стадиону болуп, кылымдар солк этпей спорттук мелдештерди өткөрүүгө кызмат кыла берсин.

**– Демек, район боюнча даңазалоого татыктуу ордуңарда тура берер бедел күтөсүздөрбү?**

– Албетте. Сөз кезеги келгенде оболу былтыркы жылдын ийгиликтерине токтолуп кетейин. Жылдын жыйынтыгы менен жалпы район боюнча биздин айыл аймагы бардык көрсөткүчтөр боюнча эң мыкты айыл аймагы деп тандалдык. Каалагандар көп, ал эми алдыңкы орундар бирөө дегендей, алдыңкы орунду ээлөө оңой болбоду. Анткени, инфраструктураны жакшыртуу, социалдык тармактарды ар тараптан колдоо, ишкердикке ыңгайлуу шарттарды түзүү жана башка туруктуу негизги милдеттерибизге байландык. Мындан ары да айтылган багыттарда иштер улана берет.

Өнүгүү үчүн биринчи кезекте каржы маселесин чечүү керек. Демек, каржы булагынын негизги булагы болгон салык маселесин жолго коймоюн жергиликтүү бюджеттин казынасы каңкаларды кайдагы дымак. Каныздарды кайдагы дымак Каныздарды болуудан Кудай сактасын. Биз мына ушул салык маселесине айрыкча жоопкерчиликтүү мамиле жасадык. Ар бир салык төлөөчүлөр менен тыгыз иштештик. Салыктын салмагын көтөргөн жеке ишкерлердин талабын туура түшүнүү менен аларга артыкчылыктарды бердик. Коркутуу, үркүтүү, жөнү жок көп текшерүүлөрдү кыскарттык. Жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды так башкаруу натыйжасын берди. Муниципалдык мүлктөрдү мыйзам чегинде натыйжалуу пайдалануу оң жагын көрсөттү. Ошондой эле ишкерлер менен тыгыз иштешүү, тил табышуу инвестицияларды тартууда маанилүү рол ойноду. Жергиликтүү бюджетибиз пландалгандай ашыгы менен аткарылды. Жергиликтүү бюджетти максаттуу пайдалануу эң башкы мүдөөлөрүбүздөн болуп калды.

Быйыл буюрса жол оңдоого айрыкча көңүл бурмакчыбыз. Айыл аралап чыкканда чаң баскан, ойку-кайкы оңдоого муктаж жолдорду көрүп, чынында кейибей койбойсуң. Мына азыр таң алды менен ошол оңдоло баштаган жолдордун иштери менен жакындан таанышып, кыдырып келдим. Буюрса, быйыл ондогон чакырым жолдорубуздун сааттары чыгат. Жергиликтүү бюджеттен каржыланат. Жыл этегинде купулга толгондой курулган, жаркыраган жолдорубуз баш болгон башка курулуштарыбыздын тушоолорун кесебиз. Алдыңкы айыл өкмөтү деген даңкыбыз жашай берет. Эч качан мээнет текке кетпейт.

Кийинки кезде айыл жерлеринде спорттук иш-чараларды жандандыруу колго алына баштады. Андыктан спорттук машыгуучу жайларды куруу зарыл. Окуучулардын мектептеринде заманбап спорттук залдар курулууга жана жабдылууга тийиш. Буюрса, №4 Муса Жангазиев атындагы орто мектепке




Таланттуу балдар талпынууда





Жол оңолсо – экономика да оңолот





Спорт – сергек жашоого жол ачат

спорттук зал курулат. Ленин көчөсүнө футбол талаасы салынуда.

– **Көйгөйлөрдүн сап башында таза суу, жарыктандыруу, таштандылардан арылуу турат эмеспи. Ашыгып алар туралуу айтууга кезек жетти.**

– Былтыр эскирген суу түтүктөрү оңдолуп, суугa зар айрым айылдар таза суу менен камсыз болушту. Ал эми таштандылар үчүн жаңы контейнерлер ар бир ыңгайлуу көчөлөргө орнотулду. Каалагандай кайдыгерлик менен туш тарапка таштандыларды таштай салуу кадимкидей кыскарды. Талап кылуудан мурун шарттарын түз деп бекеринен айтылбаптыр. "Тазалык" муниципалдык ишканабыздын техникалык жана материалдык жагдайлары жакшырды. Таштандыларды ташуучу атайын техникаларыбыз оорубузду колдон, жеңилибизди жерден алууда. Тазалык ишканасынын жумушчуларынын ишин бааласак, тазалыкты ар бирибиз сактоого тийишпис.

Биздин негизги максат – билим берүү, тарбия тармагына айрыкча салым киргизүү болуп саналат. Анткени, келечегибиз ууз муундар дээринен кандай билим жана тарбия алса ошого жараша калыптанат. Андыктан мектеп менен бала бакчаларды оңдоо, заманбап жабдуулар менен жабдуу, камсыз кылуу жагы абдан жакшырды. Айталык, жылытуу системаларыбыз жаңырып, чатырларыбыз жабылып, эшик, терезелери тегиз алмаштырылгандыктан кыштан жылуу чыктык.

Учурда 4 мамлекеттик жана 10 жеке менчик бала бакчалар иштеп жатат. Демек, бала бакчага болгон муктаждыктарды кыскартуу үчүн алтернативдүү варианттардын үстүндө иштөө үзүрүн берүүдө. Сокулуктуктардын сыймыгы – билим берүү борборубуз. Аталган борбор талантуу чыгармачыл балдардын, кыздардын уясына айланууда. Бул борбордо талантуу жаштар тарбиялануууда.

– **Кийинки кезде жакырчылык менен күрөшүү бардык айыл аймактарында жандануууда. Сиздерде абал кандай?**

– Ырас эле бул маселеге мамлекеттик деңгээлде көңүл бурула баштады. Кечээги менен бүгүнкү күндү салыштырып болбойт. Кечээ бир сомго зар адам бирөөдөн бир сом сурай алчу эмес. Мына ушул көкөйгө көк таштай тийген жардылыктын сазынан суурула баштадык. Социалдык келишимдердин алкагында айтарлык иштер илгерилөөдө. Былтыр бизге 5 квота бөлүнүп, муктаж ар бир үй-бүлөгө 150 миң сом өлчөмүндө жардам көрсөтүлдү. Алгандар негизинен каражаттарын тигүүчүлүк цехтерине жумшашып, туура пайдалануу менен ишкерликтерин чыңдашууда. Тапкандарын талаага чачышпай, кайра улантышууда. Бардарчылык ийгиликтерине шерик болууда.

Айылыбыздагы аялуу катмардагы жарандарыбыз да көзөмөлүбүздөн сыртта кала элек. Социалдык кызматчыларыбыз тактап санын алышкан. Ар дайым барып абалынан кабар алып келишет. Зарыл учурунда жардамыбызды аябайбыз.

Өкүнүчтүүсү, согуш ардагерлери арабызда калбай деле калды. Тыл ардагерлери деле арабыздан алыстап баратат. Улуу жеңиштин туусун желбиреткен мына ушул улуу муундарыбыз улам кийинки ууз муундарга үлгү болмокчу. Айылдарыбыздын Жеңиш парктарында орнотулган эстеликтеринде кайран аталарыбыздын ысымдары жазылган. Жыл сайын Жеңиш майрамында улуу баатыр аталарды, агаларды эскеребиз.

Айтмакчы, Ооган согушу кантип эсибизден чыгат. Чырактай жигиттерибиз Ооган апаатында кайрылбай калышты. Кайрылып келгендер, майыптар деле сейректеп баратат.

Жыл сайын жеңиш күнүндө, Эл аралык 8-март майрамында, карыялар күнүндө, деги койчу бардык майрамдарда аялуу катмарларды чакырып, чайыбызды берип, белектерибизди арнайбыз.

– **Рустам Нурадильевич, сиздерге ийгиликтерди каалайбыз. Каалаган максаттарыңыздарга жетиңиздер.**

**Айчүрөк МАКЕШОВА**





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## 2025-ЖЫЛДЫН 26-НОЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН БИРИНЧИ ПРЕЗИДЕНТИ Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИНИН КАМПУСУН КУРУУНУН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 26-ноябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин кампусун куруунун шарттары жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө россия тарапка белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 7-апрели, №42***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ РОССИЙСКОЙ ФЕДЕРАЦИИ ОБ УСЛОВИЯХ СТРОИТЕЛЬСТВА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ КАМПУСА КЫРГЫЗСКО-РОССИЙСКОГО СЛАВЯНСКОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ ПЕРВОГО ПРЕЗИДЕНТА РОССИЙСКОЙ ФЕДЕРАЦИИ Б.Н. ЕЛЬЦИНА, ПОДПИСАННОГО 26 НОЯБРЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 18 марта 2026 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации об условиях строительства в Кыргызской Республике кампуса Кыргызско-Российского Славянского университета имени первого Президента Российской Федерации Б.Н.Ельцина, подписанное 26 ноября 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить российскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 7 апреля 2026 года, №42***

## 2025-ЖЫЛДЫН 22-АВГУСТУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2003-ЖЫЛДЫН 25-ДЕКАБРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРА АРКЫЛУУ ӨТКӨРҮҮ ПУНКТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 12-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 22-августунда Бишкек шаарында кол коюлган 2003-жылдын 25-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттары жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протокол ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө казакстан тарапка кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 7-апрели, №43***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В СОГЛАШЕНИЕ МЕЖДУ ПРАВИТЕЛЬСТВОМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ РЕСПУБЛИКИ КАЗАХСТАН О ПУНКТАХ ПРОПУСКА ЧЕРЕЗ ГОСУДАРСТВЕННУЮ ГРАНИЦУ ОТ 25 ДЕКАБРЯ 2003 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 22 АВГУСТА 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 марта 2026 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Протокол о внесении изменений в Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Республики Казахстан о пунктах пропуска через государственную границу от 25 декабря 2003 года, подписанный 22 августа 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить казахстанскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Протокола.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 7 апреля 2026 года, №43***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 15-ЯНВАРЫНДАГЫ №17 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕКЕ ВЕТЕРИНАРДЫК ПРАКТИКАНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жаныбарлардан алынган азыктардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-январындагы №17 «Кыргыз Республикасында жеке ветеринардык практиканы жөнгө салуу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ветеринария жаатындагы мамлекеттик айрым ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө жободо:

3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«– сыноо протоколун берүү;

– азык-түлүк базарларындагы ветеринардык-санитардык экспертиза;

– жаныбарларды жасалма уруктандыруу.».

**2.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 2-апрели, №217***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН ОБЪЕКТТЕРИН БАГУУ, КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА КОРГОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин капаста, жарым-жартылай капас шартында жана жасалма байырлоо чөйрөсүндө багуу жана көбөйтүү чөйрөсүндөгү мамилелерди өркүндөтүү жана тартипке келтирүү, ченемдик укуктук актылардагы аныкталган шайкеш эместиктерди жоюу максатында, «Жаныбарлар дүйнөсү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39, 40-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин капаста, жарым-жартылай капас шартында жана жасалма байырлоо чөйрөсүндө багуу жана көбөйтүү эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын аймагында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин капаста, жарым-жартылай капас шартында жана жасалма байырлоо чөйрөсүндө баккан жана көбөйткөн юридикалык жана жеке жактар ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып 6 айдын ичинде оң корутунду алуу жана кийин жапайы жаныбарларды багуучу жерлердин реестрине киргизүү үчүн айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга милдеттүү деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы №224 «Юридикалык жана жеке жактардын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө, мумие камтыган минералдык сырьего жана козу карындарга келтирген зыяны үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксаларын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерине келтирилген зыян үчүн өндүрүлгөн доолордун суммасын пайдалануу тартибинде:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Ушул Тартип «Жаныбарлар дүйнөсү тууралуу», «Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан жана жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерине келтирилген зыян үчүн каражаттарды өндүрүү маселелерин, ошондой эле бул бузууларды ачкан жана таризделген адамдарды (протоколдорду жана актыларды түзүүчүлөр) сыйлоо маселелерин жөнгө салат.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык жана жеке жактардын жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерине келтирген зыяны үчүн айыптын өлчөмүн эсептөөнүн таксаларында:

– 1-бөлүмдүн 2-параграфынын 2 жана 3-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Ак кунас | 30000 |
| 3 | Кара кунас | 30000 |

»;

– 2-бөлүмдүн 2 жана 3-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Теке | 300000 |
| 3 | Элик | 100000 |

».

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 4-июнундагы №264 «Кыргыз Республикасынын аймагында алгыр жырткыч куштарды күтүү жана пайдалануу эрежесин бекитүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 4-апрели, №223***

## 2025-ЖЫЛДЫН 16-ОКТЯБРЫНДА ЛЮБЛЯНА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН СЛОВЕНИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ДИПЛОМАТТЫК ПАСПОРТТОРДУН ЭЭЛЕРИН КЫСКА МӨӨНӨТТҮҮ ВИЗАЛАРДЫН ТАЛАПТАРЫНАН ӨЗ АРА БОШОТУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 12-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 16-октябрында Любляна шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Словения Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Дипломаттык паспорттордун ээлерин кыска мөөнөттүү визалардын талаптарынан өз ара бошотуу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекет-тик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө словения тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 8-апрели, №45***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ РЕСПУБЛИКИ СЛОВЕНИЯ О ВЗАИМНОМ ОСВОБОЖДЕНИИ ВЛАДЕЛЬЦЕВ ДИПЛОМАТИЧЕСКИХ ПАСПОРТОВ ОТ ТРЕБОВАНИЙ КРАТКОСРОЧНЫХ ВИЗ, ПОДПИСАННОГО 16 ОКТЯБРЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ ЛЮБЛЯНЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 марта 2026 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Республики Словения о взаимном освобождении владельцев дипломатических паспортов от требований краткосрочных виз, подписанное 16 октября 2025 года в городе Любляне.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить словенскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 8 апреля 2026 года, №45***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ("КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИНВЕСТИЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ", "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БЕЙТАРАП СОТТОР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 11-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ("Эркин-Тоо" гезити, 2025-жылдын 19-августу, №62) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-беренениn 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда "нотариалдык жактан" деген сөздөр алып салынсын;

2) 14-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацында "30-беренесинде" деген сөздөр "31-беренесинде" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 16-берененин 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Инвестордун мүлкүн кылмыш жасагандыгы үчүн бөгөт коюу чарасы катары конфискациялоо Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган учурларда соттун чечими боюнча гана жүргүзүлүшү мүмкүн.";

4) 23-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23-берене. Талаш-тартыштарды чечүү

1. Инвестициялар менен байланышкан жана инвестордун Кыргыз Республикасынын аймагында инвестициялык ишин жүзөгө ашырууда келип чыгуучу талаш-тартыштар (инвестициялык талаш-тартыш) сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен чечилет. Инвестициялык талаш-тартыш тараптардын макулдашуусу боюнча медиация аркылуу же болбосо талаш-тартышты сотко чейинки жөнгө салуунун башка макулдашылган ыкмалары менен жөнгө салынышы мүмкүн.

2. Эгерде инвестициялык талаш-тартыш ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган тартипте жөнгө салынбаса, инвестициялык талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын сот органдарында чечилет же колдонуудагы арбитраждык эскертмени камтыган тиешелүү жазуу жүзүндөгү макулдашуу болгон учурда, же бул талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык арбитражга берилген учурда арбитражда каралат.";

5) 33-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Кыргыз Республикасынын аймагында инвестициялык ишти жүзөгө ашырууну пландоочу чет өлкөлүк инвесторлор аккредитациядан ыктыярдуу негизде өтүүгө укуктуу.".

**2-берене**

"Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №10, 436-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

46-статья күчүн жоготту деп таанылсын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 8-апрели, №46***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ИНВЕСТИЦИЯХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ», «О ТРЕТЕЙСКИХ СУДАХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 11 марта 2026 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об инвестициях в Кыргызской Республике» (газета «Эркин-Тоо» от 19 августа 2025 года №62) следующие изменения:

1) в пункте 2 части 1 статьи 5 слово «нотариально» исключить;

2) в абзаце втором части 1 статьи 14 слова «в статье 30» заменить словами «в статье 31»;

3) часть 4 статьи 16 изложить в следующей редакции:

«4. Конфискация имущества инвестора в качестве меры пресечения за совершение преступления может быть произведена исключительно по решению суда в случаях, предусмотренных уголовным законодательством Кыргызской Республики.»;

4) статью 23 изложить в следующей редакции:

«Статья 23. Разрешение споров

1. Спор, связанный с инвестициями и возникающий при осуществлении инвестиционной деятельности инвестора (инвестиционный спор) на территории Кыргызской Республики, разрешается путем проведения переговоров. По соглашению сторон инвестиционный спор может быть урегулирован посредством медиации либо иными согласованными способами досудебного урегулирования спора.

2. Если инвестиционный спор не был урегулирован в порядке, предусмотренном частью 1 настоящей статьи, инвестиционный спор разрешается в судебных органах Кыргызской Республики или рассматривается в арбитраже в случае наличия соответствующего письменного соглашения, которое содержит действительную арбитражную оговорку, или если данный спор передается в арбитраж в соответствии с международными договорами Кыргызской Республики.»;

5) часть 1 статьи 33 изложить в следующей редакции:

«1. Иностранные инвесторы, планирующие осуществлять инвестиционную деятельность на территории Кыргызской Республики, имеют право пройти аккредитацию на добровольной основе.».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О третейских судах в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2002 г., №10, ст. 436) следующее изменение:

статью 46 признать утратившей силу.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 8 апреля 2026 года, №46***

## «МИЛДЕТТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ МАКСАТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫН ЖЕКЕЧЕ (ИНДИВИДУАЛДЫК) ЭСЕПКЕ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 19-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №4, 194-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьянын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Идентификациялык жеке номер - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте, ошондой эле күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларынын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдарда каралган учурларда коштогондо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга бир жолу ыйгарылуучу жана бул адамдарда өмүр бою өзгөрүүсүз сакталуучу жеке номер.»;

2) $7^1$-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«$7^1$-статья. Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү

Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 8-апрели, №47***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ПЕРСОНИФИЦИРОВАННОМ (ИНДИВИДУАЛЬНОМ) УЧЕТЕ ГРАЖДАН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ДЛЯ ЦЕЛЕЙ ОБЯЗАТЕЛЬНОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО СОЦИАЛЬНОГО СТРАХОВАНИЯ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 19 марта 2026 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О персонифицированном (индивидуальном) учете граждан Кыргызской Республики для целей обязательного государственного социального страхования» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №4, ст. 194) следующие изменения:

1) абзац третий статьи 1 изложить в следующей редакции:

«Персональный идентификационный номер - индивидуальный номер, присваиваемый уполномоченным государственным органом, определяемым Кабинетом Министров Кыргызской Республики, гражданам Кыргызской Республики, иностранным гражданам и лицам без гражданства один раз и сохраняющийся за этими лицами в течение всей их жизни без изменения, за исключением случаев, предусмотренных порядком, определяемым Кабинетом Министров Кыргызской Республики, а также законодательством о защите прав свидетелей, потерпевших и иных участников уголовного судопроизводства.»;

2) статью $7^1$ изложить в следующей редакции:

«Статья $7^1$. Присвоение и изменение персонального идентификационного номера

Порядок присвоения и изменения персонального идентификационного номера определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении трех месяцев со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок со дня официального опубликования настоящего Закона привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 8 апреля 2026 года, №47***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## АКТУАРИЙЛЕРДИН ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРУУ БРОКЕРЛЕРИНИН БИРДИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖАНА АКТУАРИЙЛЕРДИН ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРУУ БРОКЕРЛЕРИНИН БИРДИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРИНЕ КАТТОО ЖАНА КАЙРА КАТТОО ҮЧҮН ЖЫЙЫМДЫ БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин $56^2$-беренесин, «Камсыздандыруу жана камсыздандыруу иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Актуарийлердин жана камсыздандыруу брокерлеринин бирдиктүү мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Актуарийлердин жана камсыздандыруу брокерлеринин бирдиктүү мамлекеттик реестрине каттоо жана кайра каттоо үчүн бир жолку жыйым:

– актуарийлерден – 10 (он) эсептик көрсөткүч;

– камсыздандыруу брокерлеринен – 10 (он) эсептик көрсөткүч;

2) Актуарийлердин жана камсыздандыруу брокерлеринин бирдиктүү мамлекеттик реестрин жүргүзүү үчүн ар жылдык жыйым:

– актуарийлерден – 10 (он) эсептик көрсөткүч;

– камсыздандыруу брокерлеринен – 10 (он) эсептик көрсөткүч.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 3-апрели, №219***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 18-ОКТЯБРЫНДАГЫ №222 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕР ҮСТҮНДӨГҮ СУУ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН ЖЫЙЫМДЫ АНЫКТООНУН ЖАНА АЛУУНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 47-беренесинин 3-бөлүгүнө, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 88-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 18-октябрындагы №222 «Кыргыз Республикасында жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу үчүн жыйымды аныктоонун жана алуунун тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбулада:

– «48» деген цифралар «47» деген цифраларга алмаштырылсын;

– «Суу жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине,» деген сөздөр алып салынсын;

2) 4-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы төмөнкүлөрдү Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине киргизүүнү камсыз кылсын:»;

3) 5-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги:»;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу үчүн жыйымды аныктоонун жана алуунун тартибинде:

– 3-пункттун экинчи абзацында «18» деген цифралар «22» деген цифраларга алмаштырылсын;

– 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу (П) үчүн жыйымдын суммасын аныктоо 1-формула боюнча жүргүзүлөт, сом менен:

1. П = Q х Т,

мында:

Q – отчеттук мезгилде суу пайдалануучу алган жер үстүндөгү суунун иш жүзүндөгү көлөмү, $м^3$;

Т – жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу үчүн жыйымдын ставкасы, ал суу ресурстарын башкаруу, изилдөө, эсепке алуу, баалоо жана коргоо, суу ресурстарынын зыяндуу таасиринен коргоо боюнча иштин жүзөгө ашырган мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин иш жүзүндөгү чыгымдарынын, ошондой эле суу ресурстарын изилдөө, баалоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын иштөөсү боюнча иш-чараларга чыгымдардын суммасынын (С) суу ресурстарын башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан баалануучу Кыргыз Республикасынын бардык жер үстүндөгү суу ресурстарынын жылдык көлөмүнө (QBP) катышына барабар болот, сом/$м^3$:

$$Т = \frac{С}{Q_{ВР}},$$

мында:

С – мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин отчеттук мезгилдеги чыгымдары, алар төмөнкүлөргө багытталат:

– суу ресурстарын кайра өндүрүүгө жана коргоого;

– суу объекттерин калыбына келтирүүгө жана сактоого;

– суу ресурстарына мониторинг жүргүзүүгө жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө;

– кыйроолордун жана табигый кырсыктардын (сел, суу ташкындары, суу каптоолор, суу толуулар, эрозия жана жээктердин кулашы) натыйжасында сууга зыяндуу таасирлердин жана булгануунун алдын алуу, жоюу боюнча иш-чараларды ишке ашырууга;

– суу ресурстарын башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын иштөөсү боюнча иш-чараларды ишке ашырууга;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу башка максаттарга жетүүгө;

$Q_{ВР}$ – суу ресурстарын башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан баалануучу Кыргыз Республикасынын бардык жер үстүндөгү суу ресурстарынын жылдык көлөмү, $м^3$.»;

– 11-пункттун биринчи абзацында «27» деген цифралар «33» деген цифраларга алмаштырылсын;

– 11-пункттун «г» пунктчасында «70» деген цифралар «65» деген цифраларга алмаштырылсын;

– 13-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«13. Жыйым боюнча жеңилдиктер Кыргыз Республикасынын Суу кодексине ылайык жыйымды төлөөдөн бошотуу же жыйымды төлөөнү кийинкиге калтыруу түрүндө белгиленет.»;

– үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«– мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган жаратылыш коруктары, ботаникалык бактар, корукчалар, жаратылыш эстеликтери, дендрологиялык жана зоологиялык парктар, маданият, илим, билим берүү, саламаттык сактоо мекемелери жана мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылануучу башка мекемелер жана уюмдар;».

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 7-апрели, №226***

## ГИПСТЕН ОРНАМЕНТСИЗ, КАГАЗ ЖЕ КАРТОН МЕНЕН ГАНА КАПТАЛГАН ЖЕ БЕКЕМДЕЛГЕН ПЛИТАЛАРДЫ, ТАКТАЛАРДЫ, ПАНЕЛДЕРДИ, ПЛИТКАЛАРДЫ ЖАНА УШУЛ СЫЯКТУУ БУЮМДАРДЫ ТАШЫП КЕЛҮҮГӨ УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин аймагынан ташып келинүүчүлөрдү кошпогондо, Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келинүүчү, ЕАЭБ ТЭИ ТН 6809 11 000 0 коду менен классификацияланууучу, гипстен орнаментсиз, кагаз же картон менен гана капталган же бекемделген плиталарга, такталарга, панелдерге, плиткаларга жана ушул сыяктуу буюмдарга карата алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги ушул токтом күчүнө киргенге чейин үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө киргенге чейин үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып келүүгө бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 8-апрели, №230***

Совет директоров

## ОАО «АЙГУЛ»

**уведомляет Вас о созыве Годового общего собрания акционеров ОАО «Айгул», которое состоится в 15.00 часов 29 апреля 2026 года по адресу: г. Бишкек, пр. Чуй, 147, в здании ОАО «Айгул».**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

**1.** Избрание счетной комиссии.
**2.** Утверждение годового отчета Общества за 2025 год.
**3.** Утверждение отчета Ревизора Общества за 2025 год.
**4.** Утверждение заключения независимого аудитора за 2025 год.
**5.** Утверждение баланса и счета прибылей и убытков Общества за 2025 год.
**6.** Утверждение порядка распределения прибыли, размера и порядка выплаты дивидендов за 2025 год.
**7.** О бюджете Общества на 2026 год.
**8.** Избрание внутреннего аудитора Общества.
**9.** Об утверждении сметы расходов вознаграждений и компенсаций членам Совета директоров и внутреннему аудитору Общества на 2026 год.
**10.** Об утверждении независимого аудитора и размере оплаты услуг.
**11.** Утверждение Устава в новой редакции для приведения в соответствие с законодательством КР.

• Время начала регистрации акционеров - **13.50 часов.**
• Время окончания регистрации акционеров - **14.50 часов.**
• Дата списка акционеров, имеющих право на участие в годовом общем собрании акционеров (дата закрытия реестра) - **8 апреля 2026 года.**
• С материалами, подлежащими представлению акционерам при подготовке к проведению собрания, можно ознакомиться в ОАО «Айгул» по адресу: **г. Бишкек, пр. Чуй, 147.** Телефон для справок: **+996 (772) 146-509** (Арслан) **с 10.00 по 16.00** ежедневно за исключением выходных дней.

В случае невозможности Вашего участия в работе собрания Вы можете передать право голоса своему уполномоченному представителю по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства КР.

**Примечание:** акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров паспорт и доверенность.

С/О-404

# «ТЕСКИМ» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

**2026-жылдын 7-апрелинде саат 10.00дө Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Абдумомунов көчөсү, 197 дарегиндеги "Сейтек" балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук борборунун имаратында акционерлердин жылдык жалпы чогулушу болуп өткөндүгүн кабарлайт. Чогулушту өткөрүүнүн формасы – ачык. Чогулуштун кворуму – 95,2274%. Чогулуш - укуктуу.**

**АКЦИОНЕРЛЕРДИН ЖЫЛДЫК ЖАЛПЫ ЧОГУЛУШУНУН КҮН ТАРТИБИНЕ КОЮЛГАН МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ЧОГУЛУШТА КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕР:**

**1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: Эсептөө комиссиясы төмөндөгүдөй курамда шайлансын: Тентишева Гульнара Мысановна, Джабраилова Галина Геннадьевна, Попов Виктор Сергеевич.

**2. 2025-жылдагы коомдун финансылык-чарбалык ишмердиги жөнүндөгү жылдык отчётту бекитүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: 2025-жылдагы коомдун финансылык-чарбалык ишмердиги жөнүндөгү жылдык отчёту бекитилсин.

**3. 2025-жылдагы коомдун кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчёту, жылдык балансты бекитүү. 2025-жылдагы "Аудит-Финансист" көз карандысыз аудиторунун жана 2025-жылдагы текшерүү комиссиясынын отчётун бекитүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: 2025-жылдагы коомдун кирешелери жана чыгышалары жөнүндөгү отчёту бекитилсин. 2025-жылдагы "Аудит-Финансист" көз карандысыз аудиторунун жана 2025-жылдагы текшерүү комиссиясынын отчёту бекитилсин.

**4. Коомдун (тышкы) аудиторун, ошондой эле 2026-жылга карата сый акы маселесин кароо.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: 2026-жылга карата "Аудит-Финансист" көз карандысыз ЖЧКсы шайлансын жана салыгын кошуп эсептегенде бир жылга 170 000 (бир жүз жетеимиш миң) сом өлчөмүндө сый акы бекитилсин.

**5. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: Директорлор кеңеши төмөндөгүдөй курамда шайлансын: Борубаев Уланбек Женишевич – Директорлор кеңешинин мүчөсү, Туляев Азиз Эркинович – Директорлор кеңешинин мүчөсү, Жээмбаев Рахат Сергекович – Директорлор кеңешинин мүчөсү.

| Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө талапкерлердин фамилиясы аты, атасынын аты. | макул |
|---|---|
| мүчөсү – Борубаев Уланбек Женишевич | 284 867 |
| мүчөсү – Туляев Азиз Эркинович | 284 867 |
| мүчөсү – Жээмбаев Рахат Сергекович | 284 867 |

**6. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө сый акыларды бекитүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: 2026-жылга карата коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө 552 000 сом өлчөмүндө сый акы бекитилсин.

**7. Коомдун ички аудит кызматынын мүчөлөрүн шайлоо жана 2026-жылга карата сый акысын бекитүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: Ички аудит кызматынын мүчөлөрү төмөндөгү курамда шайлансын: Анвар уулу Жантай, Ногойбаева Э.З., Насирдинов З.З. 2026-жылга карата ички аудит кызматынын мүчөлөрүнө 64 000 сом өлчөмүндө сый акы төлөнсүн

**8. Коомдун Уставына кошумчаларды жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.**
Жылдык жалпы чогулушта кабыл алынган чечими: Коомдун Уставына кошумчалар жана өзгөртүүлөр киргизилсин.

**9. 2026-жылга карата жылдык бюджетти бекитүү.**
